

# СЫЙКЫРДУУ САНДЫКЧА

## КИЧИНЕКЕЙ БАЛДАРДЫ ЖАШТАЙЫНАН АР ТАРАПТУУ ӨСТҮРҮҮ БОЮНЧА АТА-ЭНЕЛЕРГЕ АРНАЛГАН КОЛДОНМО

soros.kg

юнисеф

**УДК**
**ББК**
**Б**

**Б** **«Сыйкырдуу сандыкча» Кичинекей балдарды жаштайынан ар тараптуу өстүрүү боюнча ата-энелерге арналган колдонмо /** Түзг.: Ф.Б. Исакова, Т.А. Матохина, Н.А. Багдасарова, – Б.:2014. – 60 с.

**ISBN**

"Сыйкырдуу сандыкча" колдонмосу ЮНИСЕФтин "Жаш балдардын дени сак чоңоюсун камсыздоо үчүн аларды тамактандыруу жана аң-сезимин өстүрүүгө көмөктөшүү" аттуу Программасынын алкагында балдардын аң-сезимин жаштайынан өстүрүүнүн зор мааниси жөнүндө ата-энелерге маалымат берүү максатында иштелип чыкты. Бул колдонмодон ата-энелер баланы бешикте жаткан мезгилинен тартып беш-алты жашка чыккычакты кандай тарбиялоо керектиги тууралуу кенен кабардар боло алышат. Ата-энелердин бала тарбиялоо боюнча маалыматын арттыруу алардын өз балдарына көбүрөөк көңүл буруп, бала менен көбүрөөк убакыт өткөрүүсүнө таасирин тийгизет. Мунун натыйжасында баланын аң-сезими өсүп, анын кийинки билим алуусуна чоң өбөлгө түзүлөт деп биз терең ишенебиз.

**Рецензенттер:**
**Орусбаева Т.А.** – педагогика илимдеринин кандидаты, Ишеналы Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин Мектепке чейинки билим технологиясы кафедрасынын башчысы
**Артыкбаева Ж.К.** – КР ССМнин Эне жана баланы коргоо улуттук борборунун ЖБОИК (Жаш балдардын ооруларын интеграциялап кароо ) борборунун кызматкери

**авторлор:**
**Исакова Феруза Бакасовна**, Эл аралык жогорку медицина мектеби кафедрасынын ассистенти жана педиатры, Эне жана баланы коргоо улуттук борборунун эндокринолог дарыгери
**Багдасарова Нина Ароновна**, психология илимдеринин кандидаты, социология кафедрасынын доценти, Борбор Азиялык ресурстук борборунун башкаруучу директору
**Матохина Татьяна Алексеевна**, филолог, орус тили жана адабияты кафедрасынын ага окутуучусу, Кыргыз Республикасынын билим берүүсүнүн отличниги, Билим демилгелерин колдоо фондусунун билим программалары боюнча координатору

**Сүрөттөрүн тарткан:** Эльёр Нематов
**Версткалаган жана кооздогон:** Николай Пизан
**Иллюстрациялар:** Николай жана Арсений Пизан
**Которгон:** РДЧБнун мамлекеттик тил адиси Султанова А.
**Рецензенти:** Саламаттык сактоонун экономикасын башкаруу кафедрасынын доценти, Мамлекеттик тил комиссиясынын мүчөсү Сыдыков А.

*Оюнчуктардын сүрөттөрү "Винни Пух" дүкөнүнүн уруксаты менен пайдаланылды.*
*Китептердин сүрөттөрү "Раритет" дүкөнүнүн уруксаты менен пайдаланылды.*

**Б** **УДК**

**ISBN** **ББК**

© United Nations Children's Fund, 2014

# СЫЙКЫРДУУ САНДЫКЧА

## КИЧИНЕКЕЙ БАЛДАРДЫ ЖАШТАЙЫНАН АР ТАРАПТУУ ӨСТҮРҮҮ БОЮНЧА АТА-ЭНЕЛЕРГЕ АРНАЛГАН КОЛДОНМО

soros.kg

юнисеф

# МАЗМУНУ




**КИРИШҮҮ** ........................................................ **5**


**1- БӨЛҮМ**
Баланын аң-сезимин өстүрөбүз ..................... 17

**2- БӨЛҮМ**
Китеп окуйбуз ..................................................... 37

**3- БӨЛҮМ**
Оюнчуктарды өз колубуз менен жасайбыз .... 43

**4- БӨЛҮМ**
Оюнчуктарды алмаштыргычтар ..................... 51

**СУНУШТАЛГАН АДАБИЯТТАР** ..................... **59**

# КИРИШ СӨЗ

Ата-энелер балдарынын акылдуу, камкор жана сергек адам болуп чоңоюшун ар дайым каалашат.  Бирок баланын биз каалагандай адам болуп чоңоюшу үчүн, биз  - ата-энелер, жоопкерчиликтүүбүз жана бул үчүн көп аракеттерди жумшообуз зарыл.

Ата-эне болуу, жогоруда айтылгандай, адам баласынан эң чоң жоопкерчиликти талап кылат. Ата-эне – бул баланын эң биринчи таянычы, жол көрсөтүүчүсү, мугалими, кеңешчиси, өмүрүнүн аягына чейин таянар тоосу. Ошол себептен ата-эненин балага тийгизген таасири өтө зор.



## 1. Кайталангыс   жылдар

Төрөлгөндөн тартып беш жашка чейинки мезгил баланын өнүгүүсүндөгү чечүүчү мезгил болуп саналат. Бул аралыкта бала дене-бой (физикалык) жана акыл-эс жагынан болуп көрбөгөндөй тездикте өсүп жетилет.


**Өмүрүнүн АЛГАЧКЫ ҮЧ ЖАШЫ** –  мээ клеткаларынын өрчүү мезгили. Ата-энелер балага ынтаа коюп көңүл буруусу зарыл: байкоо салып, балага эмне керектигине, аны эмне кызыктырып жатканына абай салып, анын дүйнө таануу активдүүлүгүнө колдоо көрсөтүүсү керек.

Эгер керектүү нерселер менен камсыз кылып турса, ар бир бала акылдуу жана өз күчүнө ишенген инсан болуп чоңоеру бышык.

## 2. Оюндардын жана оюнчуктардын мааниси

Оюн - баланын өзүн-өзү таануусуна жана дүйнө таанымына жол ачуучу каражаттардын бири. Оюн ойноо менен бала акыл-эс жагынан да, дене-бой жагынан да өсүп жетилет. Оюндан алган оң таасирлер, анын берген тарбиясы, андан алынган турмуштук тажрыйба баланын кийинки турмушуна сөзсүз таасирин тийгизбей койбойт.

Сүйүктүү оюнчугунан ажыраган же оюндан чектелген баланын ой жүгүртүүсү жай өнүгөт. Себеби оюн ойноо жана оюнчуктар баланын элестетүүсүн, ой жүгүртүүсүн, сүйлөөсүн өнүктүрүүдө өтө чоң жардамын берип, анын келечегине зарыл болгон көндүм адаттарды калыптандырат.



Балдар колуна тийген бардык нерселер менен ойной беришет. Үйдө колдонулган күнүмдүк буюмдарды чыгармачылык менен колдонууга да көптөгөн мүмкүнчүлүктөр бар.

Негизгиси – баланын коопсуздугун камсыз кылуу жана чыгармачылыкка эркиндик берүү керек!

## 3. Качан жана кантип  ойноо керек?

Кандай гана оюн болбосун бала менен бирге ойноңуз.  Ар бир оюн бала үчүн белгилүү бир ойду алып жүрөт. Анын оюнундагы эрежеге көнүңүз жана ага активдүү катышыңыз. Көбүрөөк сейилдеңиз, жаратылышка суктаныңыз, күнүмдүк ишиңизди жасап жатып да бала менен сүйлөшүңүз.

**Өнүктүрүүчү оюндар менен баланы колдон келсе күнүнө 15-20 мүнөт ойнотуу керек.**

## Ата-энелерге 5 кеңеш:


1. Баланын чыгармачыл демилгесин колдоңуз. Ката кетиргени үчүн эч  качан урушпаңыз, сиздин көз карашыңыз боюнча, анын ыгы жок кылык-жоругуна күлбөңүз.
2. Баланын ийгиликтерин сөзсүз, кичинекей болсо дагы белгилеңиз. Жасай албай калган нерсесине чын дилден кошо кайгырыңыз, бирок ишенимдүүлүгүн ар дайым арттырып, бардык кыйынчылыктарды бүгүн болбосо да, эртең  жеңүүгө боло тургандыгын айтыңыз.
3. Баланын ордуна бардыгын өзүңүз жасоого шашпаңыз. Ага сиздин жардамыңыз менен болсо да ийгиликке өз алдынча жетүүгө жардам бериңиз.
4. Баланы сын көз караш менен ойлонууга үйрөтүңүз: өзүнүн сезимин жана кыймылын түшүндүрүп берсин. Аны менен бирге сиз да өзүңүздүн эмоцияңызды, сезимиңизди, кылык-жоругуңузду түшүндүрүүдөн качпаңыз. Мындай иш-аракет үй-бүлөдөгү ишенични бекемдеп, ата-бала ортосундагы сүйлөшүү маданиятын калыптандырат.
5. Оюн ойноо балага жагымдуу маанай тартуулап, тескери эмоциялардын алдын алат, баланын көңүлүн кызыктуу нерселерге бурууга жардам берет.  Ойноордун алдында оюндун шарттарын жана жүрүшүн балаңыз менен алдын ала сүйлөшүп алганга аракет кылыңыз, аны курулай кыйнабаңыз.



Баланын өсүп-өнүгүүсүндө атасы өтө маанилүү ролду ойнойт!

Атасы менен бирге аракеттешүү баланын дүйнө таанымын, түшүнүгүн кеңейтет, ал кызыккан нерселердин чөйрөсүн калыптандырууга жардам берет.

Активдүү кыймыл-аракетти талап кылган көңүлдүү оюндар, конструктор менен ойноо, ар кандай темаларда баарлашуу, китептерди окуу баланын гана  турмуштук тажрыйбасын байытпастан, ата-баланын турмушундагы бул эң бактылуу мүнөттөр келечекке болгон ишенимди да бекемдейт.



## 4. Эмнени өнүктүрүү керек?

Төрөлгөндөн тарта бала менен сүйлөшүү жана ойноо аркылуу сиз балаңыздын толук өнүгүп-өсүүсүнө жардам бересиз. Муну менен катар өрчүп жаткан белгилүү бир органдардын, сезимдердин кандайча өзгөрүүгө дуушар боло тургандыгын билип алуу пайдалуу:

- **Көрүү жана угуу сезимдери.** Балаңыз сиздин үнүңүзгө, көз карашыңызга жооп кайтара баштаганын байкасаңыз, демек анын көрүү жана угуу сезимдери өнүгүүдө.
- **Кыймыл жана аракет.** Балаңыз бир капталынан экинчи капталына өз алдынча оодарылганын же жеңил оюнчуктарды колуна бекем кармай баштаганын байкасаңыз, демек анын кыймыл-аракети өрчүү жолунда деп биле бериңиз.
- **Сүйлөө жана ой жүгүртүү.** Балаңыздын алгачкы жолу үн салышы.
- **Сезим жана баарлашуу.** Балаңыздын биринчи жолу жылмайышы жана оюнчукка колун сунушу.
- **Өз алдынчалык.** Балаңыздын алгачкы жолу өз алдынча жуунуусу анын өз алдынчалыкка умтулуу сезиминин өрчүп жаткандыгынан кабар берет.

Жогоруда келтирилген мисалдар – “өнүгүүнүн маяктары” деп аталган баланын жетишкендиктери, бала бул же тигил жашында көрсөткөн далил кыймыл-аракеттери. Баланын өнүгүп жаткандыгынан кабар берүүчү бардык белгилер чоңдордун көз кырында болгону өтө маанилүү!



## 5. Сыйкырдуу сандыкча

Баланын өсүп жетилишине “сыйкырдуу сандыкча” жардам берет, анда бардык керектүү буюмдар: оюнчуктар, китептер жана башка пайдалуу материалдар сакталган.

Төмөндөгү таблицада сыйкырдуу сандыкчанын ичиндеги бардык буюмдардын тизмеси бар. Өзгөчө шрифт менен үй шартында өзүңөр оңой эле жасай алчу нерселер бөлүнүп көрсөтүлгөн. Сандыкчадан китептерди да таба аласыз, балага кызыгуу менен окуп, аны менен чогуу сүрөттөрүн көрүп, окулгандар тууралуу баарлаша аласыз. Балдарыңыз менен чогуу колдонууда сыйкырдуу сандыкчадагы материалдар сиздин колуңуздагы чыныгы кенч болуп калат.

# Төрөлгөндөн тартып алты жашка чейинки балдар үчүн өнүктүрүүчү оюнчуктардын жана буюмдардын тизмеси

## 6 айга ч-н.


Чоюлчаак оюнчуктар


Жел коңгуроолору


Асма оюнчуктар


Шылдырак


Үйлөмө шарлар


Жумшак материалдан топ


Балакай китепчеси


Жыгылбас-куурчак (неваляшка)

## 6-12айга ч-н.


Күзгү


Балакай китепчеси



Жыгылбас-куурчак (неваляшка)


Өнүктүрүүчү (сенсордуу) килемче


Чүй куурчак


Топ


Сенсордук шайман



Резина же желим оюнчуктар

**Көңүл бургула!**
белги оюнчук кийинки куракта пайдаланылат дегенди түшүндүрөт.

# 1-1,5 жаш



Топ



Резина же пластмасса оюнчуктар




Барабан



Пирамидка



Сенсордук шайман




Туздалган камыр




Пирамида стакандар




Балакай китепчеси



Түстүү курулуш кубиктери



Боо оюнчуктары



Өнүктүрүүчү (сенсордуу) килемче



Рамкалар-вкладыштар



Оюнчук жаныбарлар топтому



Өнүктүрүүчү капча




Куурчак театры




Суу жана кум менен ойноо шаймандары

## 1,5-2 ЖАШ


Топ


Туздалган камыр


Резина же пластмасса оюнчуктар


Барабан


Сенсордук шайман


Боо оюнчуктары


Рамкалар-вкладыштар


Куурчак театры


Оюнчук жаныбарлар топтому




Балакай китепчеси


Куурчак


Жашылча-жемиштердин оюнчук топтому


Техникалык оюнчуктар


Дөңгөлөктүү оюнчуктар


Түстүү курулуш кубиктери


Суу жана кум менен ойноо шаймандары


Карточкалар- алардын бетине буюмдар, жаныбарлар, тамгалар, цифралар тартылган карточкалар

# 2-3 ЖАШ




Барабан



Сүрөттүү кубиктер



Топ




Резина же пластмасса оюнчуктар





Балакай китепчеси



Куурчак театры



Туздалган камыр



Оюнчук жаныбарлар топтому



Жашылча-жемиштердин оюнчугунун топтому



Техникалык оюнчуктар



Рамкалар-вкладыштар



Куурчак



Түстүү курулуш кубиктер



Суу жана кум менен ойноо шаймандары



Дөңгөлөктүү оюнчуктар



Орточо көлөмдөгү курулуш оюнчуктары



Оюнчук идиш-аяк



Чоң топтомдору бар лего



Оюнчук эмеректер



Боо оюнчуктары



Оюнчук телефон



Бетине буюмдардын, жаныбарлардын сүрөттөрү, тамгалар, сандар тартылган карточкалар


## 3-4 ЖАШ



Балакай китепчеси



Куурчак театры



Резина же пластмасса оюнчуктар



Топ



Жашылча-жемиштердин оюнчугунун топтому




Техникалык оюнчуктар



Оюнчук жаныбарлар топтому



Рамкалар-вкладыштар



Түстүү курулуш кубиктер



Суу жана кум менен ойноо шаймандары



Куурчак



Дөңгөлөктүү оюнчуктар



Оюнчук идиш-аяк



Чоң топтомдору бар лего



Орточо көлөмдөгү курулуш оюнчуктары



Сүрөттүү кубиктер



Оюнчук телефон




Оюнчук эмеректер



Эсептик материал



Туздалган камыр



Металлофон




Жумшак пластилин




Көркөм чыгармачылык үчүн шаймандар:

Сүрөт тартууга альбом, түстүү карандаштар, өчүргүч, Акварель боёгу, фломастерлер, түстүү картон, түстүү кагаз, түстүү бархат кагазы, кайчы, кургак клей, ПВА клейи, суюк клейи, пластилин, ар кандай кездемелердин кесиндиси, геометриялык фигуралары бар сызгыч, жөнөкөй сызгыч





Ролду оюндарга арналган оюнчук топтому



Бетине буюмдардын, жаныбарлардын сүрөттөрү, тамгалар, сандар тартылган карточкалар

# 5-6 ЖАШ




Балакай китепчеси



Куурчак театры



Топ



Резина же пластмасса оюнчуктар



Жашылча-жемиштердин оюнчугунун топтому



Техникалык оюнчуктар



Рамкалар-вкладыштар



Оюнчук жаныбарлар топтому



Сүрөттүү кубиктер



Суу жана кум менен ойноо шаймандары



Куурчак



Дөңгөлөктүү оюнчуктар




Оюнчук идиш-аяк



Чоң топтомдору бар ЛЕГО



Шахматтар



Башкатырма



Оюнчук эмеректер




Орточо көлөмдөгү курулуш оюнчуктары




Эсептик материал



Туздалган камыр




Металлофон



Магниттик конструктор




Жумшак пластилин





Балдардын лотосу



Ролдуу оюндарга шаймандар




«Токой жарманкеси» экономикалык оюну



"Пентамино" башкатырмасы



Бетине буюмдардын, жаныбарлардын сүрөттөрү, тамгалар, сандар тартылган карточкалар




Көркөм чыгармачылык үчүн шаймандар:
Сүрөт тартууга альбом, түстүү карандаштар, өчүргүч, Акварель боёгу, фломастерлер, түстүү картон, түстүү кагаз, түстүү бархат кагазы, кайчы, кургак клей, ПВА клейи, суюк клейи, пластилин, ар кандай кездемелердин кесиндиси, геометриялык фигуралары бар сызгыч, жөнөкөй сызгыч

"Сыйкырдуу сандыкчада" буюмдар гана камтылгандыгын айта кетүү керек , ал эми баланын чексиз мүмкүнчүлүктөрүн ачуу үчүн сандыктын ичиндегилерди балдар менен кошо чоңдор да бирге колдонуп, колдонуп гана тим болбостон изденип, чыгармачыл ой жүгүртүүнү өстүрүп, жаңы ыкмаларды пайдаланып, өз алдынча жаңы нерселерди жасап алууга жетишүү керек. Ата-эне менен баланын биргелешкен аракети гана биз күткөн натыйжага жеткирет.

## Ата-энелер үчүн тажрыйбалык колдонмо.

Бул тажрыйбалык колдонмодо 4 бөлүм бар: "Баланын аң-сезимин өстүрөбүз", "Китеп окуйбуз", "Оюнчуктарды өз колубуз менен жасайбыз" жана "Оюнчук алмаштыргычтар". "Баланын аң-сезимин өстүрөбүз" бөлүмүнөн сиз баланын төрөлгөндөн тартып 5 жашка чейинки өнүгүүсүнүн негизги мүнөздөмөлөрүн таба аласыз: "Эмнени өнүктүрөбүз" деген бөлүмчөдөн сиз оюнчуктар жөнүндө жана аларды колдонуунун ыктары, ал эми "Кантип өнүктүрөбүз" бөлүмчөсүнөн баланын аң-сезимин кантип өнүктүрүү керектиги тууралуу маалымат ала аласыз.

Ал эми "Өнүгүүнүн маяктарында" баланын сиз менен ойногон оюндан үйрөнгөндөрү, андан алган таасири, тажрыйбасы тууралуу кенен жазылган.

Экинчи "Китеп окуйбуз" бөлүмүндө баланын сүйлөө жөндөмдүүлүгүн арттырууга басым жасалып, активдүү окуунун ар кандай варианттары сунушталат. Алар кабыл алууну, ой жүгүртүүнү, сүйлөшүүнүн ыктарын өнүктүрүп, китеп окууга болгон кызыгууну туудурат.

Үчүнчү "Өз колубуз менен оюнчук жасайбыз" бөлүмү, аты айтып тургандай, сизге өнүктүрүүчү оюнчуктарды өз алдынча жасоого жардам берет. Берилген бөлүм сиз сыяктуу ата-энелердин тажрыйбасына негизделген. Сунушталган идеялар сизге баланы өнүктүрүү үчүн пайдалуу оюндарды ойлоп табууңузга жана оюнчук жасооңузга жардам бериши ажеп эмес.

Төртүнчү "Оюнчукту алмаштыргычтар" бөлүмү ата-энелерге дүйнөнү баланын көзү менен кароого жардам берет. Турмуш-тиричиликте керектелген эң жөнөкөй буюмдар бала үчүн оюнчук катары кабылданышы мүмкүн. Чындыгында алардын жардамы менен фантазияны жана чыгармачылыкты өнүктүрүүгө болот.

Китептин аягына биз пайдалуу адабияттардын тизмесин жайгаштырдык. Аларды ата-энелер өз каалоосу менен өз алдынча окуп үйрөнүшсө болот. Ал эми колдонмо ата-энелер жана жалпы эле окурмандар үчүн так жана түшүнүктүү болуусу үчүн авторлор бардык адабияттарды кыска, бирок нуска пайдаланууга аракет жасашты.



Урматтуу ата-энелер, балдарыңыздардын сергек жана дени-сак чоңоюсу үчүн убактыңыздарды бөлүп, күчүңүздөрдү сарп кылганыңыздар үчүн ыраазычылык билдиребиз! Биз бирге акылдуу жана чыгармачыл, боорукер жана кайрымдуу адамдарды өстүрөбүз деген ишеничтебиз. Сиздерге жана сиздердин үй-бүлөңүздөргө чың ден соолук жана бакубатчылык каалайбыз!





# 1-БӨЛҮМ

# БАЛАБЫЗДЫН АҢ-СЕЗИМИН ӨСТҮРӨБҮЗ





# ТӨРӨЛГӨНДӨН АЛТЫ АЙГА ЧЕЙИНКИ БАЛАНЫН ӨСҮҮСҮ

| Эмнени өнүктүрөбүз | Кандайча өнүктүрөбүз<br>Ар кандай оюнчуктарды колдонобуз |
|---|---|
| **Көрүү жана угуу сезими:**<br>Ымыркай ойгоо жатканда,<br>• анын ачык түстөгү кыймылдаган жана кыймылдабаган буюмдарга/оюнчуктарга көңүл коюп кароосуна жардам бериңиз;<br>• анча катуу эмес үндөргө көңүл буруусун үйрөтөбүз;<br>• үндөрдү айырмалоого, апасынын, атасынын үн басымдарын таанууга<br><br>**Кыймылдар жана аракеттер:**<br>• туюп билүү үчүн ар кандай нерселерди кармоого беребиз,<br>• бир капталынан экинчи капталына оодарылганды үйрөтөбүз,<br>• кармоо ыктарын өнүктүрөбүз.<br><br>**Сүйлөө / сөз жана ой жүгүртүү:**<br>• сүйлөө сөзүн ажыратып таанууга жана башка үндөрдү айырмалоого үйрөтөбүз.<br><br>**Сезимдер жана баарлашуу:**<br>• ага кайрылганда жооп берүүгө үйрөтөбүз.<br><br>**Өз алдынчалык:**<br>• чоң кишилердин кыймылдарына байкоо салат;<br>• жакын адамдарынын үнүнө жооп кайтарат. | **Илинген оюнчуктар**<br><br>**Чойолчаак оюнчуктар (гирлянда)**<br><br>**Шамал коңгуроолору**<br><br>**Шылдырак**<br><br>**Сенсордук (өнүктүрүүчү) килемче**<br><br>**Үйлөмө шарик**<br> |

Балаңызга көңүл коюу менен мамиле жасаңыз. Анын кыймылына жана кыйкырыгына сиздин берген жоопторуңуз сиздердин араңыздарда бекем ынактык мамилени орнотот.

Эсиңизде болсун: баланын өмүрүнүн алгачкы жылындагы эне-бала ортосундагы өзгөчө жакындык, эненин мээрими баланын коопсуз жана бейкапар болушуна, дени сак чоңоюшуна өбөлгө түзөт.

Алгачкы эки-үч жума аралыгында ымыркай көп уктайт. Андыктан ойгоо кезинде аны менен көбүрөөк алектениңиз. Сүйүктүү бөйтөйгөн ымыркайыңыз менен бирге өткөргөн убакыттан ырахат алып, аны менен маашырланыңыз. Аны менен чогуу ойноп, күлсө кошо күлүп ырахаттаныңыз. Өзүнүн сезимдерин наристе кыймыл-аракети менен – колдорун, буттарын тарбаландатуу менен, жадыраган күлкүсү менен билгизет. Аны менен ойногон, алектенген учурда анын кыймыл -аракетин чектебей, көбүрөөк эркиндик берүүгө аракет кылыңыз.

<table>
<tr><th>Кандайча өнүктүрөбүз</th><th rowspan="2">Өнүгүүнүн «маяктары»</th></tr>
<tr><th>Кантип ойнойбуз</th></tr>
<tr><td>Төрөлгөндөн эки айга чейин.<br>Илинген оюнчукту термелтип, кыймылдатып, керебеттин үстүндөгү илинген чоюлчаак оюнчуктарды 2-3 мүнөткө силкилдетип туруңуз.<br>Эки-үч айында.<br>Оюнчукту ар кайсы тарапка буруп жана бир нерселерди сүйлөңүз: «Бөбөктай, салам!» «Кандай эс алдың?» д.у.с. Ошол эле учурда үнүңүздү ар кандай кылып өзгөртүп туруңуз, наристеңиз ар кандай үндөрдү угуп турсун.<br>Үч-төрт айында.<br>Асма оюнчукка же чоюлчаак оюнчукка баланын колу жеткидей кылып тасмаларды (ленталарды) байлап коюңуз.<br>Беш-алты айында.<br>Сиз жанында болбой калганыңызда бала аларга чалынып же колдоруна оролуп калбашы үчүн, илинген жана чоюлчаак оюнчуктарды жакшылап бекитиңиз.</td><td rowspan="5">• Ымыркай өзүнө тааныш жакын адамдарына жылмаят.<br>• Аларга карай колдорун созуп, ал ыраазы болгондой же бир нерсеге кыжалат болгондой үндөрдү чыгарат,<br>• Ал чоң кишилердин манжаларынан кармап жогору карай умтула баштайт, отурганга да аракет кылат.<br>• Төртүнчү айынан кийин жеңил оюнчуктарды колу менен кармайт.<br>• Тааныш жана тааныш эмес үндөрдү айырмалайт,<br>• Ачык түстөгү кооз буюмдарга жана ар кандай үндөргө жооп кайтарат,<br>• Кайталанган үн ыргактарын тааныйт, мисалы, бешик ырынын ыргактарына уктайт, аны таанып билет,<br>• Алты-жети айында айлана-чөйрөсүндөгүлөргө кызыга баштайт, отура баштаганда жана мейкиндикти ар кандай абалда көрүүгө көнүп баштайт. ( абалы: чалкасынан, курсагынан жаткандан, чоң кишилердин алдына отурганда).<br><br>Төмөнкү ыктарга көңүл буруу керек:<br>• Үч айдан баштап башын кармай алат чоң кишилер баланы колуна алганда<br>• беш айдан баштап төрт аяктап жөрмөлөөгө жана жардам менен турууга аракет кыла баштайт.<br></td></tr>
<tr><td>Төрөлгөндөн эки айга чейин<br>Кез-кезде коңгуроолорго тийип ымыркайга анын акырын чыккан уккулуктуу үнүн тыңшоого мүмкүнчүлүк бериңиз.</td></tr>
<tr><td>Биринчи айында<br>Шылдыракты шылдыратыңыз, ымыркай ага көңүл бурганда аны акырын гана башка тарапка жылдырыңыз, балаңыз анын добушун ээрчий карап, анын үнүн тыңшасын.<br>Экинчи айында<br>Наристеге оюнчукту жеткидей көрсөтүңүз, оюнчукту колуна карматыңыз. Шылдыракты күн алыс алмаштырып туруңуз.<br>Үч-төрт айында.<br>Наристеге шылдыракты колуңуздан алууну сунуш кылыңыз, ошондой эле өз алдынча жулуп алып, кармап калуусуна, ошол эле учурда чалкасынан жатып алып, курсагына, бир капталына жатып же апасынын, атасынын колунда туруп оюнчукту алуусун сунуш кылыңыз.</td></tr>
<tr><td>Үч-төрт айында.<br>Балакайды 4-5 мүнөткө курсагына жаткырыңыз, ага ар кандай кездеменин түрлөрүн кармоого мүмкүнчүлүк бериңиз, килемчеге тигилген топчуларды, боолорду ар нерселерди кармап, жулмалап көрүүсүнө уруксат этиңиз.<br>Беш-жети айында.<br>Балакайыңызды килемчеге 10 мүнөткө жаткырып коюңуз. Анын үстүңкү бетиндеги болгон бардык нерселерди кармап көрүүсүнө жардам бериңиз (мончокторду тоголотууга, сыдырманы сыдырып жабуусуна жана кайра ачуусуна, чачыктарды тарткылап көрүүсүнө, жана аларды таанып үйрөнүүсүнө жардамдашыңыз), ошол эле учурда кубанган кубаттаган үнүңүз менен аны коштоп туруңуз.</td></tr>
<tr><td>Үйлөмө шарикти балаңыздын бешик арабасына байлап коюңуз. Балаңызга ал шариктин жибинен тартып кантип кыймылдатуукерек экендигин көрсөтүңүз. Балакайыңызды жалгыз калтырбаңыз, кокус шарик жарылып кетсе, балаңыз аны оозуна салып алуусу ыктымал.</td></tr>
</table>


# Алты айдан - он эки айында баланын өнүгүүсү

| Эмнени өнүктүрөбүз | Кандайча өнүктүрөбүз<br>Ар кандай оюнчуктарды колдонобуз |
|---|---|
| **Көрүү жана угуу сезими:**<br>• Түстөрдү айырмалоого үйрөтөбүз<br>• сүйлөшкөн адамдардын жүзүндөгү өзгөрүүлөрдү байкоосуна үйрөтөбүз.<br>• Үндү жана анын ыргагын, башка үндөрдү айырмалоого үйрөтөбүз.<br>• Добуштарды белгилүү бир ритмде кайталоого, жөнөкөй күүлөрдү салып ырдоого үйрөтөбүз.<br><br>**Кыймылдар жана аракеттер:**<br>• Балакайга ар кандай буюмдарды колуна кармоого жардам беребиз,<br>• Ага музыканын кайрыктары боюнча кыймылдоого, бий аракеттерин жасоого жардам беребиз.<br><br>**Сүйлөө / сөз жана ой жүгүртүү:**<br>• Жөнөкөй сөздөрдү айтууга үйрөтөбүз,<br>• Балага буну жасоого же алууга “болбойт” деген сөзду түшүнүүгө үйрөтөбүз,<br>• “Катып койгон буюмдарды табуу” оюнун ойнойбуз.<br><br>**Сезимдер жана баарлашуу:**<br>• Өзүнүн атын билүүгө үйрөтөбүз,<br>• Өтүнүч кылууга, кубанууга жана бир нерсе суроого,<br>• Апасын, атасын, туугандардарын табууну, андан кийин буюмдардын кайда экенин көрсөтүүнү жана анын атын атоону өтүнөбүз.<br><br>**Өз алдынчалык:**<br>• Жөнөкөй аракеттерди аткарат: бир нерсени алып берет, бир нерсени көтөрүп келет же бир жерден экинчи жерге алпарып коёт. | **Күзгү**<br><br>**Топ**<br><br>**Жыгылбас-куурчак (неваляшка)**<br><br>**Резина же пластмасса оюнчуктар**<br> |


Алты айдан кийин бала активдүү боло баштайт. Ага айлана-чөйрөнү таанып-билүүсү жана үйрөнүүсү үчүн коопсуз шарттарды түзүп берүү маанилүү. Ушул мезгилде балакайдын аралыктарды таануусу, багыт алуусу, кыймыл аракетин башкаруу, өз алдынча кыймылдап жылуу ыктары (жөргөлөө жана бутуна туруу, кас-кас туруу) өнүгө баштайт. Наристе адамдын үндөрүнүн добушун кайталап, музыкага, ритмикалык үн ыргактарына жана кыймылга жоон кайтарат. Өнүгүүнүн негизги кырдаалы болуп өзүн күзгүдөн карап таануусу эсептелет.

<table>
<tr><th>Кандайча өнүктүрөбүз<br><br>Кантип ойнойбуз</th><th>Өнүгүүнүн «маяктары»</th></tr>
<tr><td>Баланы колуңузга алыңыз, ал өзүн жакшылап көрө тургандай кылып аны күзгүгө жакындатыңыз. Андан сураңыз “Бул ким?”. Андан кийин жылмайып күзгүдөн капталына өтүңүз. Бир канча секундадан кийин кайра күзгүгө келип “Бул ...” (баланын атын атаңыз) деңиз. Кайра күзгүнүн алдынан кетиңиз дагы, муну бир нече жолу кайталаңыз.<br><br>Балага өзүнүн жүзүн күзгүдөн жакшылап кароосуна мүмкүнчүлүк бериңиз. Эгер ага бул аракеттер жагып калса бир нече жолу кайталаса болот.</td><td rowspan="4">• Сегиз-тогуз айдан кийин балакай айланасындагыларды таанып калат, апасын, атасын, чоң энесин жана башка жакын туугандарын көрсөтө алат.<br>• Бир жашка жакындаганда бир нече жөнөкөй сөздөрдү “өзүнүн тилинде” булдурап айта баштайт.<br>• Буюмду көрсөтүп, ага кайсы нерсе керек экендигин түшүндүрө алат. Оюн арасында “катылган буюмду” таба алат.<br>• Кийим менен алектенет (мисалы, байпагын чечет) жана башка буюмдар менен алек болот. Тыкылдата алат, жеңил буюмдарды ыргыта алат.<br>• Топту жакшы тоголотот, аны кармаганга аракеттенет.<br>• Өзүндө жана башкалардын денесинин мүчөлөрүн көрсөтө алат. Мисалы, “апанын көзү кана?” десе көзүн көрсөтөт ж.б.<br><br>Мындай ыктардын өнүгүүсүнө көңүл буруңуз:<br>• Жети айынан баштап бирөөнүн жардамы менен же бир нерсеге таянып таканчыктап тура баштайт.<br>• Сегиз айынан баштап бирөөнүн жардамы, колдоосу менен алгачкы кадамын таштайт.<br>• Тогуз айга барганда өз алдынча бекем отура алат.<br>• Он эки айга жакын бирөөнүн жардамы менен кас-кас тура алат, өз алдынча же чоңдордун жардамы менен же айланасындагы буюмдарга таянып баса баштайт.<br><br></td></tr>
<tr><td>Топту балага карай итериңиз, аны кайра сизге ыргытканга үйрөтүңүз. Балакайдын колуна топту карматып, айландырып, анан башка тарапка ыргытып коюңуз, же жогору карай ыргытыңыз. Ыр ырдап, топ ойноңуз, ритмди сактоого аракет кылыңыз.</td></tr>
<tr><td>Куурчакты баладан бир топ алыстыкта коюңуз, балаңыз ал жерге чейин жөрмөлөп бара ала тургандай же созулуп жете ала тургандай болсун. Ал өз алдынча ойногонго мүмкүнчүлүк бериңиз: балакай оюнчуктан чыккан үндү тыңшайт, куурчакты ыргытат, жерге кулатууга аракет кылат, аны байкап карап турат, «ванька-туранаак» кандайча кайра ордуна туруп калганын кызыга карайт. Балакайга жыгачтан жасалган жыгылбас куурчакты берсе болот.</td></tr>
<tr><td>Оюнчукту бала үнүн уккандай кылып алаканыңызга кысыңыз. Оюнчукту баланын көзүнчө жуурkandын алдына катып, аны таап берчи деп сураныңыз. Ал катып койгон оюнчукту тапканда, кол чаап кубаттаңыз. Оюнду кайра башынан баштаңыз, эгерде балага оюнчукту табуу кыйын болсо аны дагы бир жолу көрсөтүңүз же чогуу издешиңиз.<br><br>Оюнчукту кагаз колаарчыга ороп коюңуз, балакай аны кагаздан чыгарсын.<br><br>Ваннага түшүп жатканда оюнчуктарды салып коюңуз (резинадан жасалган өрдөктөр, балык же куурчак), эзингич (мочалка) менен кантип жуунууну көрсөтүңүз. Наристеңиздин оюнчуктары менен сууда ойношун кубаттаңыз.</td></tr>
</table>

# Баланын бир жаштан бир жарым жашка чейинки өнүгүүсү

| Эмнени өнүктүрөбүз | Кандайча өнүктүрөбүз<br>Ар кандай оюнчуктарды колдонобуз |
|---|---|
| **Көрүү жана угуу сезими:**<br>• Балага көргөзүп аны менен чогуу жеңил сүрөттөрдү тартабыз, ырларды ырдайбыз жана кыска ырларды окуганды үйрөнүүнү улантабыз.<br><br>**Кыймылдар жана аракеттер:**<br>• Басканда кыймыл-аракеттин шайкештигин өркүндөтөбүз.<br>• Колдун манжалардын кыймылынын шайкештигин байкайбыз – бул сүйлөө жөндөмдүүлүгүнүн өркүндөөсү үчүн өтө маанилүү!<br><br>**Сүйлөө / сөз жана ой жүгүртүү:**<br>• Балакайыбыздын сөз байлыгын арттырабыз<br>• Чоң кишилердин сөзүнө түшүнүүсүнө үйрөтөбүз жана өзүбүз да анын “тилин” түшүнүүгө аракет кылабыз. Үй жаныбарларынын тилин үйрөнүүгө аракет кылабыз: гав-гав, мяу, ку-ка-ре-ку…<br><br>**Сезимдер жана баарлашуу:**<br>• Балага биздин үй жумуштарын жасаган аракеттерибизди кайталоосуна жардам беребиз. (мисалы, үй ишин жасап жатып)<br>• Айлана-чөйрөнү таанууга үйрөтөбүз: кармалап көрөбүз, угабыз, үй жаныбарларын кармап көрөбүз, кайсы бир, тигил же буюмдун эмне үчүн керек экендигин үйрөтөбүз.<br><br>**Өз алдынчалык:**<br>• Тазалыкка үйрөнөт: колдорун жууйт, горшокту колдонот, чачылган оюнчуктарды жыйнайт, төгүлгөн сууну сүртөт, ж.б. | **Барабан**<br><br>**Түстүү курулуш кубиктер**<br><br>**Пирамидка**<br><br>**Пирамида- стакандар**<br><br>**Оюнчуктар – жаныбарлар топтому**<br><br>**Куурчак театры**<br><br>**Дөңгөлөктүү оюнчуктар**<br> |

Биринчи жаштан кийин наристеде жаңыча мезгил башталат – ал ээн-эркин кыймылдап, каалаган жерге баса алат, өзүнүн керектөөсүн билдирип, толкундоосун ачыкка чыгарат. Өнүгүүнүн маанилүү этабы болуп кыймыл аракеттин шайкештиги, мамиле түзүүнүн ыктары жана сүйлөө адаттары өнүгө баштайт. Сүйлөө жөндөмдүүлүгү менен бирге ой жүгүртүү жөндөмдүүлүгү өнүгө баштайт. Алардын өнүгүүсү колдордун жана манжалардын майда кыймылдары менен тыгыз байланыштуу.

<table>
<tr><th>Кандайча өнүктүрөбүз<br>Кантип ойнойбуз</th><th>Өнүгүүнүн «маяктары»</th></tr>
<tr><td>Барабан ар кандай добуш чыгара турганын балага ойноп көрсөтүңүз: бийик, акырын, бат-бат, сейрек. Балакайга барабанда өз алдынча ойноого мүмкүнчүлүк бериңиз.</td><td rowspan="7">• “Өз тилинде” бир нече сөз айтууга жарап калат, чоң кишилердин сөздөрүн үйрөнүүгө аракеттенет.<br>• Бир жарым жашында анын сөз байлыгында анын жакындарына түшүнүктүү болгон 10дон ашык сөздөрү болот: берчи, суу, апа, ата, жүр ж.б.<br>• Ырахаттануусун, ыраазы болгонун билдире алат.<br>• “Жок болбойт” деген сөздөрдү түшүнүп калат.<br>• Чоңдордун эмоцияларына кошулат: алар менен бирге ырахаттанып күлөт, ыйлайт, кайгырат, жинденгенин да сезет.<br>• Өзүнүн жашындагы өзүндөй башка балдарга кызыгат, алар менен ойногусу келет.<br>• Тааныбаган чоң адамдар менен сүйлөшүп алар менен ойноп, мамилеге барат.<br>• Тааныш буюмдар менен жөнөкөй аракеттерди активдүү аткара баштайт, анан кийин да тааныш эмес буюмдар менен бирдемелерди жасаганга аракет кыла баштайт.<br>• Өз алдынча 10-20 мүнөт ойной алат.<br>• Жөнөкөй максат кое алат, аларды аткарууга далалат жасайт: керектүү буюмдарды жана тамак-аштарды ала алат, колго алуусун өтүнүп чоң кишилерге жабышат ж.б.<br><br>**Ушул учурда баланын кыймыл-аракеттери активдүү өрчүйт:**<br>• Бир жаш үч айында – бутуна так туруп, ишенимдүү басып калат, өз абалын өзгөртө алат.<br>• Бир жаш беш айга жакын – босогодон же жердеги таяктан аттап өтө алат.<br></td></tr>
<tr><td>Наристеңиз менен бирге кубиктерден ар кандай курулуш имараттарын жасаңыз. Кубиктен жасалган “үйлөргө” жакшы көргөн оюнчуктарын жайгаштырыңыз, “гаражга” машиналарын коюңуз ж.б.</td></tr>
<tr><td>Баланын колдору менен пирамиданы сылатып карматыңыз. Ал пирамиданын бардык тарабынан карап чыксын. Андан кийин пирамиданын шакекчелерин кантип чыгарыш керек экендигин көрсөтүңүз: этиет кыймыл менен ылдый жактан жогору карай чыгарып, андан кийин пирамиданын шакектерин кайра кийгизиңиз. Балакайыңызга өз алдынча шакекчелерди чечип кайра кийгизүүсүн өтүнүңүз. Шакекчелерди бала алардын ирээти менен ала тургандай кылып коюңуз: жакыныраак жерге эң чоңун, андан ары чоңураактарын – эң алыс жакка кичинесин коюңуз.</td></tr>
<tr><td>Балаңыз менен бирге стакандарды бири-бирине кийгизип мунара жасаңыз. Андан кийин бул мунараны кайра бузуп туруп балакайыңыздын аны өз алдынча тизүүсүн өтүнүңүз. Ага жардам бериңиз, балаңыздын демилгесин колдоңуз.</td></tr>
<tr><td>Балаңызга ар кандай пластмассадан жасалган жаныбар оюнчуктарды жакшылап карап көрүүгө мүмкүнчүлүк бериңиз, бул кайсы жаныбар экендигин жана ал кандайча үн чыгараарын айтып бериңиз: “ит кантет”: “гав, гав”! дейт, “мышык кантет”: “мяу,мяу!” дейт. Балага айттырып, итти, мышыкты туураганын кубаттап, “ал кайда?”, “ит кайда?”, “мышык кайда?” деп сураңыз ж.д.у.с.</td></tr>
<tr><td>Куурчакты колуңузга кийип алып анын атынан балаңыз менен сүйлөшүңүз, үнүңүздү өзгөртүп роль аткарыңыз. Куурчактын башын, колдорун кыймылдатып балаңызга ыр окуп же ыр ырдап бериңиз.<br>Балакайыңыздын колдоруна куурчакты кийгизүүгө жардам бериңиз, ал аны кыймылдатып анын атынан сүйлөп, оюн аткарып берсин.</td></tr>
<tr><td>Балаңызды машиналарга жана дөңгөлөктүү жаныбарларга отургузуп, мингизип, айландырып ойнотуңуз. Өзүңүздүн аракеттериңизди балаңызга айтып туруңуз, балаңыздын кылган аракеттерин кубаттаңыз: жөрмөлөгөнүн, чуркаганын, ар кимдин, жаныбарлардын үнүн тууураганын, эмоцияларын билдиргенин ар дайым мактап туруңуз.</td></tr>
</table>

# Бир жарым жаштан эки жашка чейинки баланын өсүп жетилүүсү

| Эмнени өнүктүрөбүз | Кандайча өнүктүрөбүз<br>Ар кандай оюнчуктарды колдонобуз |
|---|---|

**Көрүү жана угуу сезими:**

- Буюмдарды чоңдугуна, формасына, түсүнө карата ажырата билүүгө үйрөтөбүз,
- Жөнөкөй ырларды ырдоого үйрөтөбүз.

**Кыймылдар жана аракеттер:**

- Өз алдынча басуусун кубаттайбыз, бастырабыз, мейкиндикте денесинин тең салмагын кармап аракеттенүүсүн бекемдейбиз,
- Кыймыл аракеттин жана тең салмактуулукту сезүү шайкештигин үйрөтүүнү улантабыз,
- Балакайдын колунун манжаларынын кыймыл аракеттерин кубаттайбыз.

**Сүйлөө / сөз жана ой жүгүртүү:**

- Жөнөкөй окуяларды, сюжеттерди айтып берүүгө үйрөтөбүз,
- Сөздөрдү туура айтууга үйрөтөбүз,
- Балакайыбызды анын “өз алдынча” булдуруктаган тили үчүн сынга албайбыз, кубаттап туура сүйлөөгө үйрөтөбүз.

**Сезимдер жана баарлашуу:**

- Сезимдерди айрып билүүгө үйрөтөбүз,
- айланасындагы адамдардын жынысына, жашына жараша алар менен сүйлөшүү жана мамиле түзүүгө үйрөтөбүз (кыз, бала, жеңе, байке) .


**Өз алдынчалык:**

- өзүн-өзү тейлей алуусуна үйрөтөбүз;
- баланын “Мен өзүм” дегенинин аркасында өз алдынчалыкка умтулуусу жана мүнөзүндөгү өзгөчөлүктөрдүн алгачкы белгилери көрүнө баштайт.

**Куурчак**



**Жашылча-жемиштердин оюнчугунун топтому**



**Рамкалар – вкладыштар**



**Карточкалар - алардын бетине тартылган буюмдар, жаныбарлар, тамгалар, цифралар жазылган карточкалар топтому.**



**Техникалык оюнчуктар**




**Кумда ойной турган оюнчуктар топтому: күрөк, чака, тырмоо, резина топ.**



Экинчи жылдын аягында наристенин өмүрүндө жана өсүшүндө бир топ өзгөрүүлөр болот. Наристе менен ойноо, алектенүү, аны менен бир нерселерди үйрөтүп аракеттенүү эми көбүрөөк убакытты талап кылат. Балакай чоң кишилердин айткан сөздөрүн түшүнүп, алар менен сүйлөшө баштоосу өтө маанилүү, буга көбүрөөк көңүл буруу керек – ошол учурда анын тили батыраак чыгат! Айрым наристелерде (айрыкча кыздарда) эки жашына караганда бир топ сүйлөмдөрдүн топтому болот – балакай “чоң кишилерге окшоп” сүйлөй баштайт. Ушул учурда ал чоң кишилерди туурап, куурчактарды “багып, тамактандырат, бешик арабага сүйрөйт, машинага отургузуп айландырып ойнотот, ал көпчүлүк буюмдарды таанып, алардын эмне үчүн керек экендигин, аларды кантип колдоноорун түшүнө баштайт.

| Кандайча өнүктүрөбүз<br>Кантип ойнойбуз | Өнүгүүнүн «маяктары» |
|---|---|
| Куурчактарга “жандуу” баладай мамиле кылыңыз, аларды ыргытпаңыз, чачынан жулбаңыз, аларга туура мамиле жасоого үйрөтүңүз. Наристеңиз менен бирге анын оозун, мурдун, бетин, кулактарын караңыз ж.б. Куурчактын кийимдерин жакшылап карап чыгыңыздар. Балакайыңызга куурчагы менен чогуу ойноого, тамак жегенге, сууга түшкөнгө, сүйлөшкөнгө, уктаганга сунуш кылыңыз. | • Чоң кишилердин тилин, сөздөрүн түшүнөт.<br>• Чоң кишилер менен сүйлөшө баштайт, ойноп мамиле курат.<br>• Оюн учурунда “катылган буюмдарды” оңой эле таба алат, өз алдынча ойноп жатып, жооп кылып өзү аларды ката баштайт.<br>• Өз алдынчалыкка үйрөнө баштайт – өз алдынча кашык менен тамак жей алат, дааратканага же горшокко суранат ж.б.<br>• Ар кандай буюмдарга гана эмес, сүрөттөргө да кызыгат – аларды көрүп, андагы ар нерселерди, элементтерди көрсөтөт.<br>• Сүрөт тартканга кызыга баштайт,<br>• Өзү теңдүү балдар менен ойной баштайт. |
| Балаңыз менен ар кандай оюндарды ойноңуз: Буюмду сүрөттөп берүү боюнча “тап”, “жердеби же бактабы”, “Тамактын даамын татканыңды көрсөтүп бер”. Оюн учурунда буюмдарды формасына, даамына, түсүнө жараша жана аны тамакка колдоноор- колдонбосуна жараша мүнөздөмө бериңиз. Мисалы, алмадан компот, кыям (варенье) кайнатса болот, помидорлордон - шире, борщ ж.б. жасаса болоорун айтып бериңиз. Куурчактарына жашылча-жемиштерден тамак берүүсүн сунуш кылыңыз, “Жашылча дүкөнүндө”, “Ашканада” ж.б. кырдаалдарды ойноп бериңиз. | |
| Балаңызга фигураларды кандайча тешиктерге жайгаштыруу керек экендигин көрсөтүңүз. Балаңыз фигураны тиешелүү тешикке салганына кубанып, алакандарыңызды чабыңыз, фигураларды ары-бери оодарып, кезек менен ойноңуздар, өз кыймыл аракетериңиздин маанисин айтып туруңуз. | |
| Адегенде наристеге карточкалардагы тартылган ар бир сүрөт менен тааныштырыңыз – аттарын атаңыз, алар эмне үчүн керек, ар биринин пайдасы кандай айтып бериңиз.<br>Ал карточкалардан чогуу жол жасаңыздар, машина бул жолдон кантип жүрө турганын айтыңыз, же болсо карточкалардан “үй” куруңуз балаңыз ал үйдү бузсун жана кайра курсун, бул аны кубандырат. Карточкаларды балакайыңыз менен кошо карап жатып аларды түргө бөлүп чыгыңыздар: гүлдөр, жаныбарлар, кийимдер, “буларга тийүүгө болбойт”, - жана ошону менен бирге ар кандай оюндарды да ойносо болот. Мисалы, “Мени тап”, “Менин досторумду тап”. Кийинчерээк балаңыз менен бирге кыска сөздөрдү, сүйлөмдөрдү түзүүгө болот: “баланын аты”, “апа”, “ата” ж.б. | |
| Балаңызга тигил же бул техникалык оюнчук кайсы жерде колдонулаарын үйрөтүңүз (паровоз, трактор, кран, самолёт ж.б.). Алар адамдарга эмне үчүн керек экендигин айтып бериңиз. Мисалы: самолёт асманда учат, жүктөрдү, адамдарды аба мейкиндигинде тез аранын ичинде ташып жеткирет. Самолётту учкуч байке айдайт. Самолёттун үнүн туурап бериңиз. | |
| Балага кумда көбүрөөк убакыт ойноого мүмкүнчүлүк бериңиз: күрөк менен чуңкур казууга, кумду ар түрдүү чоңдуктагы формаларга жана идиштерге толтуруп салууга, чакага ар кандай буюмдарды салууга жана баарын жыйноого ж.б. | |



# Эки -үч жаш

## Эмнени өнүктүрөбүз

**Көрүү жана угуу сезими:**
- балабыз менен чогуу музыка угабыз (классикалык, фольклордук);
- чогуу сүрөт тартабыз жана сүрөттөрдү көрөбүз;
- кээде кыска мультфильмдерди чогуу көрөбүз.

**Кыймыл-аракеттери:**
- кыймылынын шайкеш келүүсүн, мейкиндикте багыт алуусун, тең салмактуулугун кармай билүүсүн өнүктүрүүнү улантабыз;
- колдун жана манжаларынын кыймылдуулугун активдештиребиз.

**Сүйлөөсү жана ой жүгүртүүсү:**
- баланы сабаттуу сүйлөөгө үйрөтөбүз;
- элестеткен окуяны айтып берүүгө үйрөтөбүз/ элестетүүсүн өрчүтөбүз;
- баланын эс- тутумун бекемдейбиз.

**Сезимдери жана баарлашуусу:**
- айланасындагы адамдар менен сүйлөшүп, мамиле кура билүүсүн үйрөтөбүз.

**Өз алдынчалыгы:**
- башка балдар менен өз алдынча ойноосун, кубаттайбыз;
- оюнчуктарын башкалар менен бөлүшүп ойноосун колдойбуз.

## Кандайча өнүктүрөбүз

### Оюнчук

**Орточо көлөмдөгү курулуш оюнчуктары**

*Элестетүүсүн өрчүтөт, сүйлөөсүн жана ой жүгүртүүсүн арттырууга, курулуш ишине болгон жөндөмүн ойготууга, пландоого үйрөтөт.*



**ЛЕГО топтому (деталдары ири болгону дурус)**

*Ой жүгүртүүнү өрчүтөт, мейкиндикти түшүнүүнү , пландоону, өзүнө өзү баа берүүнү үйрөтөт.*



**Оюнчук идиш-аяк:**

*табактар, кашыктар, вилкалар, чынылар (ар кандай материалдан болгону жакшы)*



**Оюнчук эмеректер**



**Сүрөттөрү бар кубиктер**




Эки- үч жаштардагы бала чоңдордун жашоосуна кызыга баштайт да, "чоң киши" болуп ойноону адат кылып, оюндарында чоңдордун кылык-жоруктарын туурайт.

Ошондуктан балага 2 типтүү оюнчук керек. Биринчи типтеги оюнчуктар балага "чоңдордун" жашоосун үйрөнүүгө жардам берет – куурчак, идиш-аяк, оорукана буюмдары ж.б.у.с. Экинчи типтеги оюнчуктар – конструкторлор, куруу наборлору, мозаикалар – баланы мектепке даярдоодо өтө маанилүү болуп саналат.

Баланы чыныгы үй жумуштарына – ашканада жардам берүүгө, үйдү жыйноого, огороддо иштөөгө кызыктыруу жана тартуу абдан маанилүү.

Балдар кээде өзүнүкүн бербей, кежирленип, "мен өзүм эле" деген позицияны карманып алышат. Мындай кырдаалдан ата-эне туура жолду тандап чыгып кетүүсү кажет. Баланын өз алдынча умтулуусун жазалоого болбойт. Мындай учурда бала өзүнүн эмоциясын башкара билүүгө үйрөнөт. Ошондуктан балага эмнени жасоого боло тургандыгын жана эмнени жасоого тыюу салынарын так айтуу керек.

Бала чоңдордон гана өзүн кантип алып жүрүүнү үйрөнөт! Ошондуктан сиз дагы эмоцияңызды кармай билип, балаңызга үлгү болуңуз. Баланын тилин таап сүйлөшүүдө тамашакөйлүк эң жакшы жардамчы боло алат. Кичинекей баланы сооротуу жеңил экенин унутпаңыз, анын көңүлүн башка суроолорго бурунуз. Бул эң жакшы тактика баланын өзүн өзү башкарууга үйрөнүүсүнө жардам берет.

<table>
<tr><th>Кандайча өнүктүрөбүз<br>Кантип ойнойбуз</th><th rowspan="1">Өнүгүүнүн «маяктары»</th></tr>
<tr><td>Азырынча оюнга кыш, кубиктер жана призмалар гана керек. Бала менен чогуу курулуштун мүнөзүн аныктап алгыла. Мисалы, пилдин, тоту куштун, жыландардын ж.б.у.с. үйлөрүн жасоого болот, ал эми бала алардын үйлөрү кандай болоорун өзү аныктайт. Куруп жаткан маалда ар бир аракетиңизди түшүндүрүп, куруу блокторунун аттарын айтып туруңуз, баланын демилгесин да колдоңуз. Баланын жаңы сунушунун себебин сурап билиңиз. Бала чоңдордун жардамы менен даяр үлгү боюнча иштесе да болот, же өзүнүн фантазиясы менен да иштей алат.</td><td rowspan="5">• Бир нече обонду билет.<br>• Жакшы көргөн китебин окуп берүүнү же мультфильм көрсөтүүнү суранат.<br>• Жарым сааттай конструктор же кубиктерди бири-бирине кийиштирип же кайсы бир бөлүктөрүн ажыратып өз алдынча ойной алат.<br>• Кыска ырларды кайталай алат.<br>• Бийдин жөнөкөй кыймылдарын кайталай алат.<br>• Жөнөкөй формаларды айырмалайт – тегерек, төрт бурчтук , 4 кубиктен жөнөкөй сүрөттөрдү чогулта алат.<br>• Буюмдардын мейкиндикте жайгашуусун, багытын, “үстүндө”, “астында” дегенди түшүнө баштайт.<br>• Жөнөкөй геометриялык формаларды жана сүрөттөрдү боей алат.<br>• Жөнөкөй үй тиричилик жумуштарын жасай алат, стаканга суу куят, коробкага, кутуга буюмдарды салат, идиш-аяктарды ордуна коё алат. ж.б.<br>• Кийимдерин өз алдынча кие алат жана боосу жок бут кийимди чече алат.<br></td></tr>
<tr><td>1. Кубиктерден кандайдыр бир нерсени жасаңыз. Ал нерсе эң жөнөкөй эле гүл же үй болушу мүмкүн. Түстөр менен да эксперимент жасап, аларды ар түрдүүчө айкалыштырса болот.<br>2. Тетрис менен ойноо. Алгач тетристин ар кандай фигураларын түзгүлө. Анан тетрис оюнундагыдай тартипте фигураларды бош жер калтырбай толтурууну сунуштаңыз.<br>3. Балык кармоо. Ар кандай формадагы кубиктер –ар түрдүү балыктар, ал эми узун кубик бул кайырмак дейли. Балыктарды түсүнө, формасына же көлөмүнө жараша кармап жарышууга болот.<br>4. Домино. Балаңыз менен бирге кубиктен ар кандай түстөгү жана формадагы мунараны салыңыз. Анан аларды бир катарга коюп, домино сыяктуу бири-бирин түртүп кулатыш керек. Рекорд коюуга аракет кылсаңыз болот: эң узун домино куруп, аны менен бирге эсептегенге машыктырыңыз.<br>5. Түгөйүн тап. Бала менен бирге бир канча оңой обьекттерди жасап, анан балага алардын ичинен окшошторун табууну сунуштаңыз.</td></tr>
<tr><td>Балдардын оюндарына катышып, тамак ичүү маданиятына үйрөтүңүз: учурашуу, жылмаюу, ашкана куралдарынын ар биринин колдонулуш максаты, ар түрдүү каармандарды тамактандыруу (куурчак, оюнчуктарды), чай ичкенден кийин идиш-аяктарды жууп, аларды атайын бөлүнгөн жерге коюу.</td></tr>
<tr><td>Бала оюнчуктары менен ойногудай жер бөлүп бериңиз. Оюнчук эмерегин коюп (төшөгү менен керебетти, үстөл, отургучту), куурчактарын жана жумшак оюнчуктарын отургузуңуз, жаткызыңыз. Балага өзүнүн жана оюнчук каармандарынын бир күндүк режимин сактоосуна кызыктырып, эрежелерди иштеп чыгыңыз.</td></tr>
<tr><td>4 кубикти бириктирип, андан чыккан сүрөттү балага көрсөтүңүз, аны менен көргөнү боюнча сүйлөшүңүз, кубиктерди жылдырып жатып баланын жообун байкаңыз, бала менен бирге сүрөттөрдү кайра чогулткула. Кийинкисинде оюнду оорлоткула: кубиктерди аралаштыргыла, анан балага сүрөттөрдү ордуна келтирүүгө жардам бергиле, кубиктин сүрөттөрүн карап, өз алдынча байланышты табууга кызыктырыңыз. 3 жаштагы баланы 6 кубиктен турган сүрөттү чогултууга көндүрүңүз.</td></tr>
</table>

# 3-4 ЖАШ

## Эмнени өнүктүрөбүз

**Көрүү жана угуу сезими:**
- буюмдардын түстөрүн айырмалоого үйрөтөбүз;
- сүрөттөрдү жана тексттерди айырмалоого үйрөтөбүз.

**Кыймыл- аракеттери:**
- кыймыл-аракетинин шайкеш келүүсүн, мейкиндикте багыт алуусун, тең салмактуулугун сактоосун өрчүтүүнү улантабыз;
- колунун жана манжаларынын кыймылдуулугун активдештирүүнү улантабыз.

**Сүйлөөсү жана ой жүгүртүүсү:**
- баланы өз атын жана жашын айтууга үйрөтөбүз;
- буюмдарды салыштырууга үйрөтөбүз;
- эс- тутумун бекемдөөнү улантабыз.

**Сезимдери жана баарлашуусу:**
- башка балдар менен достошуусун кубаттап колдойбуз.

**Өз алдынчалыгы:**
- өзүн өзү тейлөөгө болгон аракетин кубаттап колдойбуз.



## Кандайча өнүктүрөбүз


### Оюнчук

**Ролдуу оюндарга арналган оюнчуктардын топтому.**



**Көркөм чыгармачылык үчүн куралдар**


*Колдордун (манжаларынын) кыймыл-аракетин өркүндөтөт, ой жүгүртүүсүн,, элестетүүсүн жана фантазиясын, эксперимент жасоо ыктарын өрчүтөт.*





**Жумшак пластилин**

*Ой жүгүртүүсүн, элестетүүсүн, фантазиясын, эксперимент жасай билүүсүн, манжаларынын майда кыймыл-аракетин өрчүтөт.*



<table>
<tr><th>Кандайча өнүктүрөбүз<br>Кантип ойнойбуз</th><th>Өнүгүүнүн «маяктары»</th></tr>
<tr><td>Мисалга, доктурдун аспаптары бар чемоданы, үй-тиричилик оюнуна керектүү ашкана куралдары, желим же жыгач оюнчук куралдары.<br>Өзүңүздү жардамга муктаж болгон бейтаптын, жүргүнчүнүн же коноктун ролун ойноону сунуштаңыз. Балаңыз сизге жардам берип, сиз үчүн чечим чыгаруусуна уруксат бериңиз. Мисалы, колуңузду таңууга, чачыңызды тароого ж.б.у.с.</td><td rowspan="3">• Үй тиричиликке жардам бергенди жакшы көрөт.<br>• Жүрүм- турум эрежелерин билет, өзүнүн күн тартибин түшүнөт жана ага баш иет .<br>• Учурашканды жана чоочун адамдарга кандай мамиле жасоону билет.<br>• Үйдөн “дүкөн”, “оорукана”, “жумуш” деген ролдук оюндарын кызыгып ойнойт.<br>• Сүрөт тартканды, кагазды кесип, ар кандай нерселерди жасаганды, түстүү кагаздарды чаптаганды жакшы көрөт.<br>• Сүрөттөрдү этияттык менен боейт, бирок дайым эле түстөрдү туура тандай бербейт.<br>• 4 жаштагы балдардын көбү негизги түстөрдү, геометриялык формаларды (тоголок, үч бурчтук, төрт бурчтук) билишет.<br>• Башка балдар менен ойнолгон оюнга активдүү кызыгуусун көрсөтөт.<br>• Элдин алдында – ыр айтканды, бийлегенди жакшы көрөт - бул умтулуусун колдоо керек. Эгер бала эл алдына чыккысы келбесе, аны кыйнабаш керек, бирок ал өзүнүн активдүүлүгүн көрсөтүүсү үчүн, ыңгайы келгенде ага колдоо көрсөткөнгө аракет жасаңыз.<br>• 5ке чейин санаганды билет, сандарды манжалары менен көрсөтөт.<br>• Өзүнүн жашын , атын билет, өзүнүн үй-бүлөсү тууралу айтып бере алат.<br></td></tr>
<tr><td>Куралдар менен иштөө үчүн атайын балаңыз экөөңүзгө ылайыктуу жана жарык жер даярдаңыз. Үстүн булгап албоо үчүн клеенка төшөп коюуңуз. Фломастер, карандаш, краскаларды жана башка материалдарды коюңуз.<br>1. Балага эмнени тарткысы келип жатканын фантазиялоону жана аныктоону сунуштаңыз, кагазга анын фантазиясын кантип түшүрө турганын сураңыз.<br>2. Кагаз табакты, стаканды же башка бир каалаган буюмду кооздоону сунуштаңыз.<br>Окуу бүткөндөн кийин иш жериңизди бала менен чогуу жыйнаңыздар. Жасалган ишиңизге этиет мамиле жасаңыз, куралдарды көрүнүктүү жерге коюп коюңуз.<br>Балаңызга жасаган ишин атасына же үй-бүлөнүн башка мүчөлөрүнө көргөзүүсүн сунуштаңыз.</td></tr>
<tr><td>1. Бала менен бирге жумшак пластилинди колго алып кармалап көргүлө. Бала өзү колуна алып, өз алдынча эксперимент жасап көрсүн.<br>2. Бир пластилинди үбөлүк менен жайып, ага ар кандай буюмдардын издерин түшүрүп ойногула (машинанын дөңгөлөгү, тарактын тиштери, топчулар ж.б. у.с.).<br>3. Сейилге чыкканда ар түрдүү жоон, чоң тилкеси бар жалбырактарды чогултуп келип, үйгө келгенде пластилинге ошол жалбырактын издерин түшүрсөңөр болот. Ал үчүн жөн гана жалбыракты чалкасынан (тилкеси өтө билинип турган жагы) пластилинге коюп, үбөлүктөңүз, анан акырындык менен жалбыракты алып салыңыз. Түстөрдү аралаштырсаңыз (сары менен кызыл сары), жакшынакай күзгү жалбырак пайда болот. Жалбырактын ордуна токулган кооз кездемени (кружеваны) да колдонсо болот.<br>4. Пластилинден торт, пирожный, бутерброд, макарондорду жасоого болот. Пластилинден жасалган буюмдарды дүкөнгө же кафеге коюп, конокко келген куурчактарды сыйлап ойноо абдан кызыктуу. Куурчактарга пирогду тең бөлүп берүүнү сунуштаңыз, бала бөлчөк жана бөлүү жөнүндө түшүнүк ала берсин, оюнчук-коноктордун жана пирожныйдын санын салыштырып, саноону да үйрөнө баштайт.<br>5. Пластилинден жабыштырып, чаптап жасоодон башка аны менен сүрөт тартууга да болот. Альбом барагынын төрттөн бирине баштаган оң: мындай формат балага оңтойлуу, пластилинди оң (сологойлор сол колу менен) колунун бармак жана сөөмөйү менен алмак -салмак жайылта сүйкөп жука катмар кыла алат. Эгер баланын колу чарчап калса, экинчи колу менен иштөөсүн сунуштаңыз.</td></tr>
</table>



### Эсептик материал

*Ой жүгүртүүнү, элестетүүнү, речти өрчүтөт.*



### Оюнчук телефон

*Манжаларынын майда кыймыл-аракетин, андан улам сүйлөөсүн, мамиле түзө билүүсүн жана элестетүүсүн өрчүтөт.*



### Металлофон


*Үгүүнү өрчүтөт, кабыл алуу жөндөмүн өркүндөтөт.*




Бала чоңдордун жашоосуна толук аралашууга умтулат. Акыл- эси, адамдар менен мамиле түзө билүүсү жана жүрүм- туруму бат өсүп жетилет. Балага "өзүнүн күн тартибин" түзүп берүү өтө маанилүү. Эгер бала балдар бакчасына барса – ал жактан жалпы эрежелерди өздөштүрөт. Эгер убактысын үйдөн өткөрсө – күнүмдүк режимдин негизин түзгөн бир нече эрежелерди түзүп берген оң. Биринчиден, кечинде уктай турган убактысын аныктап берүү керек. Негизи, ар бир баланын өзүнө тийиштүү эрежеси болот. Анткени ар бир баланын мүнөзү, активдүүлүгү ар кандай. Мисалы, кээ бир балдар күндүзү укташпайт же күндүзү кээде гана укташат. Кээ бир балдар тез-тез тамактанышса, кээ бирлери бир күндө эки жолу гана тамактанышат да, бул аларга жетиштүү болот. Балаңызга байкоо салып, ага кандай тартип туура келээрин баамдай аласыз. Муну менен бирге баланын эрежесин өзүңүздүн күн тартибиңиз менен бир ыңгайга келтириңиз – эртең менен үй- бүлө менен чогуу тамактануу ж.б.у.с.

Балага бул оюндарды сунуштаңыз: 1) Канча эле?, Канча калды?

1. Жээкке түшүм жыйнайбыз жана санайбыз.
2. Эмне көп? Эмне аз? Эмнеге?
3. Баарына тең бөлүп бер.
4. Кимде көп? Кимде аз - аюудабы же коёндобу?




Баланы тийиштүү баскычтарды басууга үйрөтүңүз. Ал өз алдынча музыка угуп, сүрөттөрдү көрө алгыдай болсун. Телефон менен роль ойноңуз, баланы учурашканга, негизги суроолорго жооп бергенге, телефонго жакындарынын бирин чакырганга, коштошууга үйрөтүңүз.




1. Балага колуна таякчаны кармаганды үйрөтүңүз. Аспаптын дабышы таякчаны туура кармагандыгына байланыштуу экенин көрсөтүңүз. Биргеликте ар кандай үндөрдү тыңшагыла.
2. Ритмди эксперименттеп көргүлө (тезден-жайдан), үнүн ар кандай (катуу-акырын, ичке - жоон) бийиктикте чыгарып көргүлө. Укканыңызды балаңыз менен талкуулаңыз.
3. Балага өзү обон чыгарууга мүмкүнчүлүк бериңиз. Анын чыгарган “обонун” угуп көрүңүз да, кооз, уккулуктуу обон болгонун мактап, колдоп коюңуз.
4. Баланын ар кандай үндөрдү угуп, аларды окшоштуруп тууроосун колдоңуз. Оюн сунуштаңыз: бала алгач клавишаны баскылайт, сиз ырдайсыз (кайра тескерисинче). Биргеликте обон ойлоп чыгаргыла.
5. Балага өзүнүн чеберчилигин оюнчуктарга, үй-бүлө мүчөлөрүнө, курбуларына көрсөтүүнү сунуштаңыз. Ал үчүн сахнаны уюштуруп бериңиз.

Бала эмне “жакшы”, эмне “жаман” экенине кызыга баштайт. Бала
менен олуттуу түрдө мамиле түзүүгө аракеттениңиз. Эгер сиз
баланы жазалоо керек деп чечсеңиз – балага эмнени туура эмес
жасаганын жана эмне үчүн ал туура эмес же коркунучтуу экенин
түшүндүрүңүз. Баланы катуу кармап, ага талап кое билүү менен
бирге мээримиңизди төгүп, жылуу мамиле жасоону да унутпаңыз.
Чегинен чыккан талап кылуучулук - бүгүнкү күндөгү ата-энелердин
көп кетирүүчү каталарынын бири. Баланын чоң кишидей сүйлөшү
жана чоң кишидей басып-турушу бала чоңойду деген алдамчы
таасирди түзөт . Чындыгында, бала өзүн толук көзөмөлдөөгө жана
өзүнүн кылгандарына жооп берүүгө али даяр эмес. Анын жашоосу
сыноолорго жана каталарга толгон, ал дайыма изденүүдө болот.
Ушул мезгилдеги сиздин жардамыңыз келечекте анын окууга,
чыгармачылыкка болгон кызыгуусун кепилдеп, ага туура багыт
берип, өз күчүнө ишенүүсүн бекемдейт.

# 5-6 ЖАШТАГЫ БАЛАНЫН ӨСҮП ЖЕТИЛҮҮСҮ


<table>
<tr><th rowspan="2">Эмнени өнүктүрөбүз</th><th>Кандайча өнүктүрөбүз</th></tr>
<tr><th>Оюнчук</th></tr>
<tr><td rowspan="2">
Көрүү жана угуу сезими:<br>
• окууну жана ырдоону стимулдаштырабыз.,<br><br>
Кыймыл-аракеттери:<br>
• баланын кыймыл-аракетинин шайкештигин, анын мейкиндикте багыт алуусун жана тең салмактуулугун сактай алуусун өрчүтүүнү улантабыз;<br>
• баланын манжаларынын кыймылын активдештиребиз.<br><br>
Сүйлөөсү жана ой жүгүртүүсү:<br>
• убакытты ажыратып билүүнү, саноону ж.б. үйрөтөбүз;<br>
• аңгемелерди, окуяларды айтып берүүгө үйрөтөбүз;<br>
• эс -тутумду бекемдөөнү улантабыз.<br><br>
Сезимдери жана баарлашуусу:<br>
• суроолорго жооп берүүнү үйрөтөбүз.<br><br>
Өз алдынчалыгы:<br>
• өзүн-өзү тейлөөсүн колдойбуз.<br><br>
<br>

</td>
<td>
Көркөм чыгармачылык үчүн керектүү куралдар<br>
Кыймыл- аракеттин активдүүлүгүн шарттайт, элестетүүнү, ой жүгүртүүнү, фантазияны, баарлашуунун ыктарын, өзүнө баа берүүнү өрчүтөт.<br>

</td></tr>
<tr><td>
Балдардын лотосу<br>
ой жүгүртүүнү, элестетүүнү, көргөнүн эстеп калуусун, баарлашуунун ыктарын өрчүтөт<br>


</td></tr>
</table>

<table>
<tr><th>Кандайча өнүктүрөбүз<br>Кантип ойнойбуз</th><th rowspan="1">Өнүгүүнүн «маяктары»</th></tr>
<tr><td>Балага ар кандай материалдар менен эксперимент жасоону сунуштаңыз: коллаждарды жасоону, сүрөттөрдү куроону, инсталляцияларды (майда элементтерден куралып, бир көркөм бүтүндүктү түзгөн композиция) түзүүнү. Мисалы, пластилин менен жаратылыш материалдарын айкалыштыруу кызык: өсүмдүктөрдүн уруктары, жалбырактары, жемиштер, бактын бутактары ж.б.у.с.<br>Иштин тартибин, шартын бала үлгү (нускама) боюнча же өз алдынча иштей алгыдай кылып өзгөртүңүз. Иштей турган жерди даярдоого, иштин жүрүшүнө, иштин бүтүшүнө көңүлүңүздү буруңуз.<br>Иштеп бүткөндөн кийин куралдарды атайын белгиленген жерге коюңуз, жасалган нерсени атайын папкага салыңыз (портфолио).<br>Мезгил-мезгили менен портфолиону балаңыз менен бирге карап чыгып, андагы иштерди бирге талкуулап, ага ар бир иштин кадырына жетүү керек экендигин түшүндүрүңүз.</td><td rowspan="2"><ul>
<li>Мейкиндикте жакшы багыт алат, кыймылдын багытын билет: өйдө, төмөн, астыга, артка ж.б.у.с.; буюмдардын башы ылдый карап оодарылып, туура эмес туруп калганын түшүнөт. Сүрөттөгү буюмдардын багыттарын айтып бере алат.</li>
<li>5 жаштагы бала убакыт ченемин жакшы түшүнө албайт, бирок 6 жашында “эрте”, “кеч”, “кечээ”, “эртең” деген түшүнүктөрдү, күндөрдүн аталыштарын, майрамдарды жакшы билип калат.</li>
<li>Кыймыл-аракетин жакшы башкара алат: топ ойной алат, самокат же велосипед тебе алат. Бадминтон сыяктуу татаалыраак оюндарды үйрөнүүгө аракет жасайт. Бул куракта дене-бойду чыңдап, спорт менен машыгууну баштоого болот.</li>
<li>Сүйлөө речи жакшы өрчүгөн, суроо бере алат жана өзү да суроолорго жооп бере алат. Обондуу ырларды, жөнөкөй ырларды, бий кыймылдарын жатка билет.</li>
<li>Сүрөт тартууга кызыгат</li>
<li>Тамгаларды жаттап, аларды “жазууга” аракет жасайт, сүрөттөн тамгаларды тааныйт.</li>
<li>Чоңдордон бирөө китеп окуп берсе, бир окуяны же ырды (жомокту) оозеки айтып берсе, ошону укканды жакшы көрөт.</li>
<li>Кыска окуялуу мультфильмдерди же балдарга арналган фильмдерди өз алдынча түшүнүп көрө алат. Ал эми татаалыраак сюжеттүү фильм же мультфильмдерди чоңдор менен чогуу көрүү пайдалуу. Ата-энелер чарчап, бала менен активдүү оюн ойноого алы келбей турган учурда чогуу фильмдерди көрүп, аны талкуулоо бала менен убакыт өткөрүүнүн жакшы жолу, бирок, ашыкча колдонууга болбойт.</li>
</ul></td></tr>
<tr><td>Балаңыздын курдаштарын, досторун чакырыңыз.<br>“Ким биринчи?” оюну.<br>Балдарга карточка таратыңыз. Фишкаларды баштыкка салып аралаштырыңыз. Баштыктан бирден фишка алып, аны атап оюнчуларга көрсөтүңүз. Кимдин карточкасында фишкага тийиштүү сүрөт бар болсо, ошол бала фишканы алып, аны менен сүрөттү жабат. Эгер фишканы ала тургандар жок болсо, анда фишка кайра капка салынат. Ким фишка менен бардык сүрөттөрдү биринчи болуп туура жапса, ошол утат.<br>“Эмне өзгөрдү?” оюну.<br>3төн 6га чейинки фишкаларды сүрөттөрү көрүнгүдөй кылып тизиңиз, оюнчуларга сүрөттөрдү эстеп калып, андан соң ары карап туруусун сунуштаңыз. Оюнчулар көрбөй турган учурда фишкаларды алмаштырыңыз: бир же бир нече фишканы алып салыңыз же кошуп коюңуз, ордуларын алмаштырыңыз. Оюнчулар бери кайрылып, эмне өзгөргөнүн аныкташат.<br>“Фишканы жыйнап ал” оюну<br>Ойнолуучу жерге фишкалардын сүрөтү жогору каратылып коюлат, сигнал боюнча оюнчулар фишкаларды сүрөттөрү боюнча тандап алышат: а) жаныбарлардын; б) өсүмдүктөрдүн; в) тамактардын; г) гүлдөрдүн жана лотонун түрүнө жараша ж.б.у.с. (мисалы, эгер лото транспорт түрүндө болсо, анда жеңил машиналардын же жүк ташуучу машиналардын ж.б.у.с.сүрөттөрүн).<br>Фишкалар тандалып бүткөндөн кийин, оюнчулар алардын тууралыгын текшерип, фишкалардын санын санашат. Берилген тапшырма боюнча ким баарынан көп фишка топтосо, ошол оюнчу жеңүүчү болот.<br>“Жалпы белгисин тап?” оюну<br>Үстөлгө сүрөтү бар 3 фишканы коюңуз. Оюнчуларга жалпы бир белгиси боюнча фишкаларды табууну сунуштаңыз. Ким туура келген фишкаларды көп тапса, ошол жеңүүчү аталат.<br>“Кайсы фишка ашыкча?” оюну.<br>Үстөлгө жалпы бир белгиси бар фишкаларды жана бир ашыкча фишканы коюңуз. Фишкалар кайсы белгиси боюнча чогулганын жана кайсынысы ашыкча экенин табууну сунуштаңыз. Ким биринчи туура чечим чыгарса, жана аны негиздеп берсе, ошол жеңүүчү болот.</td></tr>
</table>

# 5-6 ЖАШТАГЫ БАЛАНЫН ӨСҮП ЖЕТИЛҮҮСҮ (уландысы)



Бала ата-энесинин жана жакындарынын карамагынан бир аз алыстап, балдардын жамаатына кызыга баштайт. Ошол эле учурда баланы оюн түрүндө болсо да чоңдордун окутуусу –баланы олуттуу болууга жана тартипке баш ийүүгө тарбиялайт.


Беш- алты жашында бала мектепке даярданат. Бул курагында ал белгилүү бир билимге (тамгаларды тааныйт, санаганды үйрөнөт, сүрөт тартат ж.б.у.с.) жана өз алдынчалыкка гана ээ болбостон, өзүн көзөмөлдөөгө жана ар кандай кырдаалдарда өзүн алып жүрүүнүн эрежелерине да үйрөнө баштайт.

Бала акырындык менен көп убактысын бир эле нерсеге жумшап, аны менен бир топко чейин алектенет. Мисалы, көпкө чейин сүрөт тартып отурат, ата-энесинин окуп берген китебин бир сааттай угуп отура алат, же түстүү кагаздан бир нерселерди жасайт, лото сыяктуу жөнөкөй оюндар менен жарым саатка чейин көңүл коюп ойнойт. Эгер бала балдар бакчасына барбаса, өзү курдуу балдар менен байланыштырып, алардын бирге ойноосуна, сүйлөшүүсүнө шарт түзүп бериңиз (мисалы, кошуналардын же туугандардын балдары менен).

Өзү менен теңтуш балдар арасындагы ролдуу оюндар – ушул курактагы балдардын өнүгүүсүнүн эң негизги активдүү көрсөткүчү болуп саналат.


**Башкатырма**

*Ой жүгүртүүсүн, сүйлөөсүн, элестетүүсүн, оюн бир жерге топтой алуусун өркүндөтөт*



**Магниттүү конструктор**

*Ой жүгүртүүнү, кыймыл-аракеттин шайкештигин, элестетүүнү жана чыгармачылык шыкты өрчүтөт.*



**Экономикалык оюн**

*Логиканы, ой жүгүртүүнү, пландоону, баарлашуу ыктарын, жүрүм-турум маданиятын өрчүтөт.*






**Шахматтар**

*Ой жүгүртүүнү, көңүл кое билүүнү, тапкычтыкты, тырышчаактыкты өрчүтүп, жыйнактуу болууга үйрөтөт*



| | |
|---|---|
| ***1-тапшырма***<br>Балага берилген сүрөттөрдөн айырмасын табууга сунуш кылыңыз.<br>***2-тапшырма.***<br>Сүрөттөрдөгү буюмдардын формасын, өңү-түсүн аныктоосун сунуштаңыз.<br>***3-тапшырма.***<br>Ар бир буюм бири- бири менен кандай байланышта экендигин жана алардын айырмасы эмнеде, өзгөчөлүгү эмнеде экендигин сураңыз.<br>***4-тапшырма.***<br>Эгерде буларга бир буюмду кошсок, же булардын ичинен бир буюмду алып таштасак, кандай өзгөрүүлөр болоорун сураңыз. | • Өз алдынча чечине алат, кийинет, бут кийимди кийип, боосун байлаганды билет. Бети-колун жана тишин жууй алат. |
| Баланын конструктордон сүрөт түзүү же татаалыраак фигураларды жасоо жөндөмүн ойготуу үчүн алгач ага жардам берүү керек болот. Баланын ишине байкоо салып туруңуз, эгер ал жардам сурабаса, анын ишине кийлигишпеңиз.<br>***Конструкторду курaштыруунун бир канча варианттары бар:***<br>1. үлгү боюнча (бала берилген үлгү боюнча сүрөттөрдү коёт);<br>2. шарт боюнча (белгилүү бир тематика берилет );<br>3. өз алдынча (элестетүүсү, ой-кыялы жана фантазиясы боюнча). | |
| Мындай оюндарды үй -бүлө ичинде ойноо пайдалуу. Оюн учурунда бардыгы тең жана эрежелер баарына бирдей экендигин белгилөө керек. Оюн катышуучулар бири-бирин капалантпагыдай жайдары маанайда өтүүсүнө кам көрүңүз. | |
| И. Г. Сухиндин 1994-жылы Москванын “Новая школа” басмасынан чыккан “Волшебные фигуры, или шахматы для детей 2 – 5 лет” деген китебин пайдаланып, андагы кеңештерге кулак салыңыз. Эгер сиз шахмат ойной албасаңыз, оюнду бала менен чогуу үйрөнүңүз, сизге кызыктуу экенин көрсөтүңүз. Балаңыз шахматты башка балдар менен, чоң кишилер менен ойноосуна шарт түзүп, колдоңуз. Үй аралык турнирлерди уюштуруңуз. | |












# 2-бөлүм
# Китеп окуйбуз





## Төрөлгөндөн тартып алты айга чейин

Балдар энесинин үнүн төрөлгөндөн тарта эле таанышат.
Энесинин же атасынын жароокер үнү баланы тынчтандырып, аны жагымдуу сезимдерге бөлөйт. Бала өзүн коопсуз сезет. Ата-энелер наристеси менен төрөлгөн күндөн тарта сүйлөшүп баштоосу керек.




### КАНТИП ОКУУ КЕРЕК?

*Ата-энеси балага китепти шашпай жана көркөм окуп берүүсү кажет. Китепти канчалык көп окуп берсе, бала сүйлөөгө ошончолук эрте аракет кылып, өз тилинде бир нерселерди балдырай баштайт.*

*Балага мукабасы ар кыл болгон (катуу жана жумшак, одуракай жана былпылдак, оор жана жеңил) китептерди карматып көрүп, ошондой эле сөзсүз түрдө ачык түстүү сүрөттөрү бар китептерди сунуштоо керек.*

## Алты айдан бир жашка чейин

Бир жашка чейинки наристелер китепке бир нече секундага эле көңүл бөлө алышат, ошондуктан ачык түстүү, кооз 3-4 китептин болгону жетиштүү.
Бала китепти сыйпалап, кармалап көрөт, атүгүл "жеп да көрөт", аны барактап, сүрөттөрүн көрөт.




### КАНТИП ОКУУ КЕРЕК?

*Бул жаштагы балдарга ылайыктуу китептердин сүрөттөрү чоң-чоң жана ачык түстө болушу зарыл.*

*Балдарга китепке туура мамиле жасоону үйрөтүү маанилүү: бул үчүн китепти балаңыз менен шашпай чогуу барактап, ага камкор мамиле жасоо керек экендигин көрсөтүңүз.*

*Китепти бала жеткидей жерге коюу керек. Баланын кызыгуусу тарап кетпеси үчүн китепти маал-маалы менен алмаштырып туруңуз.*

## Бир жаштан эки жашка чейин

Кайсы бир китептин сүрөттөрү жагып калганы үчүн бала көбүнчө ошол эле китепти окуп берүүнү сурана берет.
1-2 жаштагы наристелер өзгөчө жаныбарлар тууралуу китептерди жакшы көрүшөт.




### КАНТИП ОКУУ КЕРЕК?

*Балдарга кайталоолору бар кыска жомокторду окуп берүү сунушталат. Мисалы: «Чамгыр» же «Торгойдун топусу» «Менин топум эрменге түшүп кетти... Топумду алганга жардам берчи?»).*

*Жаныбарлар тууралуу жомокторду окуп берүү менен баланын жаныбарлар тууралуу түшүнүгүн (мисалы, аюу кышында чээнге кирет, ал бал жейт), ой жүгүртүүсүн кеңейтүүгө болот.*

*Китептеги иллюстрация, сүрөттөрдү бала менен чогуу көрүү сунушталат. Жөнөкөй суроолорду берүү керек: «Бул эмне?», «Бул коёнек», «Бул машина» ж.б.у.с.*

## Эки жаштан үч жашка чейин

Бул жашында бала анча татаал эмес сюжеттерди түшүнүп калат.
Окуп жаткан убакта балакай көп суроолорду берет.




### КАНТИП ОКУУ КЕРЕК?

*Жомокту жөн эле окуп койбостон, артистке айланып көркөм окуу талап кылынат. Жомоктогу каармандарга жараша үндү гана өзгөртпөстөн, мимиканы да, жестти да колдонууга туура келет. Бала жомоктогу окуяны даана элестеткендей болсун. Эми жаныбарлардын үнүн, же кыймыл-аракетин наристеңиз туурап берүүсүн сунуштаңыз.*

*Балаңыздын жакшы көргөн жомокторун кайра-кайра окуп берүүгө жана анын көптөгөн суроолоруна чыдамкайлык менен жооп берүүгө даяр болуңуз.*

## Үч жаштан төрт жашка чейин

Наристе жөнөкөй уйкаштыктагы сөздөрдү чын дилден кайталап, жеңил ырларды ырдай алат. Атасынан же апасынан бир канча жолу уккан анча оор эмес жомокторду чоңдордун жардамы менен айтып бере алат. Бала китепти сөөмөйү менен чукулап, жакшы көргөн китебин чоңдорду туурап "окуйт". Бул жашта балакай ойдон чыгарылган каармандарды чыныгы (реалдуу) жашоодон бөлбөйт жана көпчүлүк учурда алардын атынан же алар менен сүйлөшөт.




### КАНТИП ОКУУ КЕРЕК?

*Бул жашта балага китеп кантип жаралганын, китепти эмне үчүн сырттоо керек жана титулдук барагы эмнеге керек экенин айтып берүүгө болот. Адам кийим кийгендей эле китептин да ар кандай жана жакшынакай кийими болот деп түшүндүрсө болот.*

*Балага китептин сыртындагы сүрөт аркылуу китеп эмне жөнүндө экенин болжолдоп айтуусун сунуштап көрүңүз.*

*Баладан окуп бүткөн жомокту жана анын өзгөчө жаккан жерлерин айтып берүүсүн сурангыла.*

*Китепти жөн эле окуй бербестен, андагы сүрөттөргө токтолуп, балаңыз менен аларды талкуулаңыз.*

*Баланы жомоктон окулган сюжет боюнча сүрөт тартууга, каармандарды пластилин менен ийлеп жасоого, же түстүү казаздардан бир нерсе жасоого кызыктырыңыз.*

*Бул жашта бала адабий китептерди угуп эле кабыл алат, ошондуктан китептеги сүрөттөрдү көрсөтпөй деле окуп берүүгө болот.*

## Төрт жаштан беш жашка чейин

Китеп же жомокту угуп отуруп, мультфильм же спектаклди көрүп жатып бала алардагы каармандардын ордуна өзүн коюп, бардык окуяларды алар менен кошо жашап, бардыгын өз башынан өткөргөндөй болот. Кээ бир балдар беш жашында эле өздөрү китеп окуй башташат.




### КАНТИП ОКУУ КЕРЕК?


*4-5 жаштагы бөбөктөргө арналган китептердин сюжети узунураак болуп, маанилик жактан өз ара байланышкан бир канча эпизоддордон турат.*

*Бул курактагы балага китеп окуп берип жатып кайсы бир окуя аяктагандан кийин тыныгуу жасап, окулгандарды бала менен талкуулоо сунушталат. Балага окуя боюнча бир катар суроолорду бериңиз, ал кандай ойдо экендигин билиңиз.*

*Алдын ала төмөндөгүдөй суроолорду берүү пайдалуу: «Сенин оюнча эми каарманга эмне болот?», «Эмнеге сен антип ойлоп жатасың?», «Мындай ойго келүүңө сага эмне түрткү болду?»*

## Беш жаштан алты жашка чейин

Бул жаштагы баланын тамгаларды окууга, жазууга жана саноого кызыгуусу улам жогорулай баштайт. Ал бир канча тамганы жазганды билет, манжалары менен санай алат, үйдү, геометриялык фигураларды тарта алат. 6 жашында бала мектепте окууга жөндөмдүү болуп калат.
Бала каалаган убагында китеп окуй алгыдай кылып, үйдө сөзсүз китепкана түзүү жана балдардын китеби үчүн атайын текче бөлүп берүү керек.
Баланы китепканага ээрчитип барып, ага китепкана кандай иштээрин, ал жерде кандай китептер бар экендигин, китепти кантип тандоо керек экендигин, китепканачыга ар убакта жардам сурап кайрылууга боло тургандыгын түшүндүрүңүз. Ошондой эле китепке тыкан мамиле жасоо керектигин да эскертип өтүүнү унутпаңыз.





### КАНТИП ОКУУ КЕРЕК?

*Бул куракта күн сайын китеп окуп, аны талкуулоону адатка айлантып алуу талапка ылайык.*

*Кезектеги бөлүмдү окуурдан мурда баладан кечээги окугандан эмне эсиңде калды, кайсынысы абдан жакты, эмне себептен, эмнеси күмөн туудурду, кийинки бөлүмгө кандай божомолу бар экенин суроо керек.*

*Окуп бүткөндөн кийин божомолдогондорунун кайсылары ишке ашып, кайсылары ишке ашпагандыгын, тигил же бул каармандын ордунда ал эмне кылмактыгын, эгер сүрөттөлгөн окуя биздин күндөрдө, биздин айылда же шаарда болсо, кандай болмоктугун баладан сурап, чогуу талкуулаңыз.*


*Айрым бир чыгармалар боюнча мультфильмдер тартылган. Мындай чыгарманы балага окуп жатып, окулганды мультфильм менен салыштыруусун өтүнүңүз, окуядагы каарманды жана окуя өткөн жерди балаңыз кандай элестетип, кандай сүрөттөөрүн сурап билиңиз. Китеп боюнча сүрөт тартууну сунуш кылыңыз.*







# 3-БӨЛҮМ.
# ОЮНЧУКТАРДЫ ӨЗ КОЛУБУЗ МЕНЕН ЖАСАЙБЫЗ






## Өнүктүрүүчү (сенсордуу) килемче

Түстүү кездемелерден турган жана бетинде баланын аң-сезимин өстүрүүчү ар кандай компоненттери бар килемче оюн үчүн колдонулат. 2-3 айлык ымыркайды ошол килемчеге көмкөрөсүнөн жаткырышат. Ымыркай килемченин бетиндеги ар кандай буюмдарга, кездемедеги түркүн сүрөттөргө көз жүгүртүп, башын көтөрүүгө жана моюнун токтотууга аракет кылат. Көз жоосун алган бул килемче баланын кызыгуусун туудурат. Баланы чалкасынан жаткырганда ал бет маңдайында илинип тургандарга колун созуп, жетүүгө аракет кылат. Мунун аркасында баланын колу-бутунун кыймылдуулугу артат. Андан ары бала аны кызыктырган оюнчукту көздөй оодарылууга, жөргөлөөгө аракеттенип, аны кызыктырган буюмга жетүүгө зор аракет жасай баштайт.

Кичинекей бөбөк бардыгын кичинекей колдору менен кармалап көрүү аркылуу айлана-чөйрөнү тааныйт. Ар кандай кездемелерди же башка буюмдарды (жумшак, жылмакай, түктүү, одуракай, сыйгалак ж.б.) кармап көрүү менен баланын кабыл алуусу, сезимталдыгы өнүгөт. Бала чоңойгон сайын колдорунун моторикасы (манжаларды кыймыл-аракетке келтирүүчү майда нерв клеткалары) айкын өрчүй баштайт: ал сыдырмаларды сыдыра баштайт, топчуларды, илмектерди илип, чөнтөктөрдү ачып жана башка майда иштерди жасоого жөндөмдүү болот. Ал ой жүгүртүүнү жана коюлган максатына жетүүнү үйрөнөт. Бала чоңоюп, килемчеге болгон кызыгуусу тараганда, аны баланын ойногон жерине салып коюуга болот.

Поролон, баланын жуурканы же аллергия кылып дүүлүктүрбөй турган калыңчасынан келген жумшак кездеме өнүктүрүүчү килемченин негизи боло алат. Материалдын өңү ар кыл болушу мүмкүн. Бирок өтө ачык түстөгү неон кездемелеринен оолак болуу оң. Килемченин кошумча элементтерин жасаш үчүн төмөнкүлөрдү даярдап алыңыз:

- ар кандай түстөгү жана формадагы топчуларды. Топчулар жаныбарлардын, машиненин, гүлдөрдүн формасында же коздук үчүн башка дагы формаларда болушу мүмкүн;
- сайма саюу жана тигүү үчүн түстүү жиптер;
- бир нече түстүү сыдырма. Аларды тандап жатканда бала ойноп турганын эске алып, коопсуздугуна көңүл буруңуз. Сыдырманын тиштеринин аягы тоголок, тиши сынып калганда апасы көргүдөй көлөмү чоң болушу керек. Сыдырманын жүгүртмөсүн көбүнчө бала оозуна салып алышы ыктымал. Анын бурчтары курч болбошу керек. Аны катуурак тартып көрүңүз. Жулуп алуу кыйын экенине ынаныңыз;
- ар кандай чоймолор, түстүү липучкалар;
- боо, жип, тасма (лента);
- пластмасса элементтер: ар түрдүү шакекчелер, шылдырактар ж.б;
- үн чыгаруучу элементтер: момпосуйлардын жылтырак-тарын, музыкалуу открыткалардын, эски оюнчуктардын үн чыгаруучу деталдарын колдонууга болот.

Алдын ала килемченин эскизин тартып алыңыз. Ал кандайдыр бир тематиканы камтыганы жакшы. Себеби кошумча элементтерди ойлоп табууга жана бала менен иштөөгө жеңил болот. Мисалы: "Жайлоодо", "Менин үйүм" , "Актан менен Акылайдын көңүлдүү окуялары". Килемчеге көпүрөсү менен сууну, бактарды жемиштери менен, гүлдүү талааны, эшиги түрүлгөн боз үйдү (же кадимки үйдү) сейилдеп жүргөн каармандарды (липучка менен), күндү, булутту, учуп бараткан чымчыктарды жайгаштырсаңыз болот.

Ой чабытыңызды өстүрүп, балаңыздын улам чоңойгонуна жараша килемчени ар түрдүү элементтер менен толуктап туруңуз.



Төрөлгөндөн тартып+

### Адистин сөзү

*Манжалардын ири жана майда кыймыл-аракетин өнүктүрөт, ар кандай шуудураган нерселердин жардамы аркылуу баланын визуалдуу жана сенсордуу кабыл алуусун өрчүтөт, угуусун жана эс-тутумун өркүндөтөт.*

## Жумшак кездемеден топ

Ноотудан (кездеменин түрү) эллипс формасындагы төрт окшош тегеректи кесип алып, алардын бир жерине эки манжа баткыдай жылчык калтырып, бири-бирине беттеп тигиңиз, оодарып жүн, майда кездемелердин кесиндилерин же жип менен ичин толтуруп, жылчыгын бекитип тигиңиз. Топ бала бир колу менен кармай алгыдай кичинекей болушу керек.



6 айга чейин

### Адистин сөзү

*Кабыл алуу, элестетүү жөндөмүн, манжалардын майда кыймыл-аракетин өрчүтөт.*

### Чий куурчак

1. Момосуй же чыт кездемесинен төрт бурчтук кесип (квадрат) алып (45 см х 45 см), аны үстөлдүн бетине жайыңыз.
2. Ортосуна жүндөн тыгыз жасалган серпилгич шарды коюуңуз. Аны кездеме менен ороп, чоюп тартып койсоңуз куурчактын башы пайда болот. Аны жип менен тигип бекитип коюңуз.
3. Төрт бурчтуктун калганын - эки колун жана денесинин алдыңкы бөлүгүн жасоо үчүн төрт бурчтуктун учтарын түйүп жасап бериңиз .

Мындай куурчакты булгаарыдан же самандан балаңыз каалагандай чоң же кичине көлөмдө жасап берүүгө болот. Анын колун, бутун, чачын жана кийимин жасоого болот. Көп учурда чий куурчактардын бетин жасашпайт, бала өзү каалагандай кылып анын көңүлүн калтырбай, эки топчуну эки көздүн ордуна тигип коюңуз. Бирок оозун жасабай эле койгон оң.



6 ай+

### Адистин сөзү

*Таанып-билүү активдүүлүгүн баарлашуунун ыкта-рын, сезимталдыгын жана колдун манжаларынын майда кыймылдарын өрчүтөт. Мунун бардыгы баланын сүйлөөсүн өстүрүү үчүн өтө пайдалуу.*

### Шалдырак

Илме шибеге менен пахтадан жасалган жиптен узунча байпак токугула, бир жак жагын шарча кылып кеңейткиле, ага кебезден же майда кездемелер менен толтуруп, кичинекей коңгуроочону ал түшүп калбагыдай ичине киргизип тиккиле.



6 айга чейин

### Адистин сөзү

*Шалдырак баланын көңүлүн бурат жана топтойт, угууну өөрчүтөт жана мейкиндикти өздөштүрүп түшүүнүүгө: үн чыгып жаткан жерди табууга, оюнчуктун кыймылына көз жүгүртүүгө үйрөтөт.*

### Бир жолку желим табактардан турган шылдырак

Дапты (тери менен капталган музыкалык аспап) алмаштыра ала турган шылдырак-тын үнү өзгөчө, көлөмү чоң. Аны жасоо өтө оңой: 1. Бир жолу колдонулуучу желим табактан экини алыңыз. 2. Биреөнө бир нече кургак буурчак салыңыз. 3. Экинчиси менен табакты бекем жаап бириктирип чаптаңыз, скотч же степлер кыпчыткычы менен бекитиңиз.



6 айга чейин

## Өнүктүрүүчү баштык

Ачык өңдүү кездемеден чоймосу бар эки окшош баштыкчаны тигиңиз. Аларды жалтырак топчулар, мончок бастырып кооздоңуз. Алар бекем тигилсин. Баштыкчалардын ичине ар кандай көлөмдөгү буюмдарды жуп-жубу менен салыңыз: сыйгалак, одуракай, тоголок, жумшак, шуудурак ж.б. буюмдарды. Мисалы: чоң жана кичине шакекче, бири жылмакай, экинчиси одуракай болгон эки топ, бөтөлкөлөрдүн ар кандай көлөмдөгү жана түстөгү капкактары, киндер-сюрприздин оюнчуктарын, чач байлоочу чоймолор, чоң топчулар, булгаарынын, же башка кездемелердин кесиндилери, карандаш, ар түркүн формадагы ж.б.у.с. буюмдарды салыңыз.
Балага төмөндөгү оюндарды ойноону сунуштаңыз:

1. Апасы, атасы же үй-бүлөнүн чоңураак мүчөсү каптан бир буюмду алып чыгып, аны атап, ага мүнөздөмө берет (тоголок топ, кырдуу карандаш ж.б.), балага карматып көрсө да болот. Мындан соң экинчи каптан дал ушундай буюмду табууну сураныңыз. Бирок баштыктын ичин карабай табуу шартын коюңуз! Эгер бала буюмду таппай калса, апасы дагы бир жолу аракет кылууга уруксат берет, же табууга жардам берет. Оң кол менен эле эмес, сол кол менен да ойноо абдан маанилүү.
2. Апасы буюмдун атын атап, аны сүрөттөйт, бирок көрсөтпөйт. Бала өзүнүн баштыкчасынан сүрөттөлгөн буюмду издейт. Табалбай убара тарткан балага жардам берсе болот. Апасы менен баласы бир эле мезгилде бир буюмду көрсөтүшөт. Эгер экөөнүкү туура келсе, кийинки буюмга өтүшөт. Эгер туура келбесе, себебин талкуулашат жана оюнду жаңыртып ойношот. Бул вариант бир аз чоңураак балдарга туура келет.
3. Бир эле баштыкча менен ойноого болот. Ага балага тааныш жаныбарлардын оюнчук фигураларын салыңыз: уй, ат, жылан ж.б.у.с. Алардын бирин алып чыгууну, андан кийин башкасын алып чыгууну сураныңыз. Баштыкта кайсы жаныбарлар жашынып алганын сыйпалап табууну сунуштаңыз. 2-3 жаштагы балдарга сырдуу баштыктан жаныбарлардын чыгуу процесси жагат. Фигураларды экиге бөлүп, жарымын алып чыгып, жарымын кол менен сыйпалап таптырууга болот.



1+

### Адистин сөзү

*Бир нерсени таанып- билүүгө кызыгуусун, сезимталдыгын жана манжалардын кыймыл-аракетин өрчүтөт. Сүйлөө речин өстүрүүгө абдан пайдалуу!*

### Адистин сөзү

*Баланын колдорунун, манжаларынын кыймыл-аракетин өрчүтөт, мындан улам анын сүйлөө жөндөмү да артат. Пирамидка менен ойноонун аркасында бала нерселердин көлөмү жөнүндө, “чоң менен кичиненин” өз ара катышы тууралуу түшүнүк алат. Мейкиндикте багыт алуу жөндөмүн, эстутумун, көңүл кое билүүсүн өнүктүрөт. Ошондой эле эсептөөгө да ык ала баштайт.*



1+

## Пирамидка

Чүпүрөктөн пирамидка жасоого болот. Бул үчүн Ар түрдүү ачык өңдөгү кездеменин 5-6 кесиндиси (ар кандай фактурадан деле боло берет), картон кагазынан түтүк, синтепон же ар түрдүү дан (гречка, күрүч, буурчак, төө буурчак) жана тиккенге жип керектелет.

Биринчи негизин даярдайбыз. Картондон (каалаган коробканын картонун колдонууга болот) диаметри 6-7см болгон тегеректе кесип алыңыз. Картон түтүкчөсүн кездеме менен каптаңыз. Эгер чоң пирамидка жасайм десеңиз, анда кагаз колаарчынын ортосундагы түтүкчөсүн пайдалансаңыз болот.

Картон түтүкчөсүнүн диаметрине чак болгудай кылып тегерек картондон тешик жасаңыз. Ал тегерек картонго же пирамиданын негизине пирамидканын өзөгүн скотч менен бекитиңиз. Калың кездемеден негизине кап тигиңиз. Пирамидканын негизи менен өзөгүнө капты кийгизиңиз. Капты буурчак же башка дан менен (же синтепон менен) толтуруп, каптын учун тигиңиз. Пирамидканын негизи даяр болду.

Шакекчелерди жасаганга өтүңүз. Ачык түстөгү кездеменин кесиндисин оң жагынан ичине карай бүктөсөңүз, ал тик бурчтук түрүнө келип калат. Кол машина менен фигуранын чекелерин тигип чыгыңыз, бирок бир жак учун ачык калтырганды унутпаңыз. Таякчанын тукул учу менен тигилген кездемени өңүнө карай оодарыңыз. Эми аны кебез, синтепон же дан менен толтуруп, толгон соң ачык калган жерин тигип коюңуз. Андан соң аны шакекче түрүндө тигиңиз. Так эле ушундай жол менен ар түрдүү өңдөгү жана көлөмдөгү 4 шакекчени жасаңыз. Калпакчасын алманын же башка жемиштин формасында кебез, синтепон же дан менен толтуруп жасоого болот.

## Сенсордуу топтом

Сенсордуу топтом (“тактилдүү” - кармап көрүүгө мүмкүн болгон материалдар) контейнерге, токулган себетке же боору бийик картон кутуларга салынат.

Ымыркай оозуна салып какап калбашы үчүн кичинекей балдарга арналган кутуга колго оңой кармала турган чоң буюмдарды салуу керек.

Буюмдардын ар кандай түстөгү, формадагы, көлөмдөгүсүн тандап алуу талапка ылайык. Сөзсүз түрдө шылдыраган, шыңгыраган, шуудураган, дирилдеген буюмдардын болуусу зарыл. Чоңураак балдар менен мындай кутуну чогуу жасоого болот: чыгармачылык жагын балага ишенип тапшырыңыз (кутунун сыртын боеп коОздоону, ага оюнчуктарын салууну). Ал эми сиз же башка чоңураак адам керектүү материалдарды чогултууга жардам берсин. Мындай кутулардын жардамы менен ар түрдүү оюндарды ойноого болот: сүрөттөлгөнү боюнча буюмду табуу, буюмду сыйпалап көрүп табуу. Оюндарды тематикалык мүнөздө жүргүзсө да болот: мисалы, буюмдарды жыл мезгили боюнча же колдонуу багыты боюнча табуу (м: токой, курулуш ж.б.). Андан ары бала өз алдынча ар кандай сюжеттерди ойлоп таап ойносо болот.

Алты айлык балага үйдөгү тиричилик буюмдарын тандап алган жакшы: жип түрмөгү, ашкана чалгычы, чоң коңгуроо, таштан, айнектен же жыгачтан жасалган шар, шылдырактын ордуна чоң уруктар салынган банка, теринин үзүгү, щётка, темир жана жыгач кашыктар, ар кандай материалдардан жасалган өтө чоң эмес идиштер (мискей, баштык, себет) ж.б.

Бир жаштагы балдарга ичине чууруган нерселер толтурулган кутуларды берүүгө болот. Бала баарын оозуна сала бергендиктен, кутуну жей турган нерселер менен толтурган оң. Контейнердин ордуна пластиктен жасалган капкагы бар идиштер деле жарайт (мисалы, узундугу 40 см, туурасы 28 см жана тереңи 15 см келген бокс). Сенсордуу кутуга ар түрдүү көлөмдөгү жана формадагы макарондор (түтүкчө, спираль, бантик, жылдызча, шакекче, тамга ж.б. фигуралар түрүндөгү); ар кандай түстөгү буурчактар жана жасмык (чечевица); тамак боёочу зат менен боёлгон күрүч, тарууу же сулуну салуу талапка ылайык.

Оюнга кичинекей калак, тырмоо, күрөк, чөйчөк, куйгуч, элек, кыпчуур сыяктуу буюмдарды колдонсо болот. Баланын бул нерселер менен таанышуусу аларды бир жерден алып экинчи жерге коюу, бир жерден алып барып башка жерге которуштуруу иши менен башталаары ыктымал. Бир жаштагы балдар үчүн оюнчук жаныбарлардын же адамдардын анча чоң эмес фигураларын колдонууга болот. Бул куракта балдар көмүлгөн кичинекей ончуктарды казып таап чыгууну жакшы көрүшөт. Чубурган заттын (мисалы, кумга) арасына мындай оюнчуктун 10-12син катып койсоңуз, бала аларды ырахаттануу менен издейт. Чубурууччу, эшилме материал менен ойноп бүткөндөн кийин балага суу менен ойноону сунуштаңыз ( мисалы, кайырмак менен балыктарды кармоо). Ичи бош желим оюнчуктар (балыктар, шариктер) жана узун кармагычы бар чайдын торчосу керектелет.

Пляж оюну үчүн кутуну кум менен толтуруп, анын ортосуна бир чуңкур идишке суу куюп коюңуз. Бала бир канча каарман менен ойноого даяр, алардын бассейнде сүзүп жүргөнүн, күнгө кактанып жатканын же бактын көлөкөсүндө китеп окуп отурганын элестете алат. Ал эми апасына ландшафттык дизайнер болууга сонун мүмкүнчүлүк түзүлөт. Дизайнер сууланган кумдан дөбө жасап, кумду казып жасалма же чыныгы өсүмдүктөрү бар кичинекей челектерди отургузат, баланын оюнчук салган кутусунан ылайыктуу каармандарды тандайт. Бала жөн гана кумду сапырып ойногонду жакшы көргөндүктөн, кумдун бетин оюнчуктар менен толтуруп салууга болбойт. Эрежеге толук баш ийип, түз сызык менен кете бербей, бассейндин же көлдүн кызматын аткарган чөйчөктөгү сууга кумдан салып, аны ботко кылып салса да балага кечиримдүү болот.

Буюмдар менен алгачкы жолу таанышуусунан кийин, балага ар кандай тапшырмаларды берүүгө болот: кумду бир идиштен экинчи идишке салыштыруу, бассейндеги сууну сузуу үчүн ылайыктуу идиш алуу керектигин, кургакта жана сууда жашаган жан-жаныбарларды өз-өз чөйрөсүнө бөлүү зарылдыгын сунуш кылыңыз.

Кутуну төмөнкүлөр менен да толтурууга болот: кебез шариктери, түстүү чачылар (помпондор), сүрүндү, саман, карагай ийнелери, тобурчак, шагыл, таш – бул материалдардын ар биринен оюндун сюжетин ойлоп табууга болот.

Үч жаштагы (жана андан чоңураак) балдар үчүн сенсордуу кутуча алардын бардык сезүү органдарын өнүктүрүүнүн куралы гана болбостон, логикалык жана таанып-билүүчүлүк оюндарын ойлоп табууга, ой чабытын өстүрүүгө да чоң түрткү берет. Буурчак өсүмдүктөрүнүн эки түрүн тандап алып, аларды түрүнө жараша бөлүштүрүү тапшырмасын берсе болот: оюндун шарты боюнча кыпчуурдун жардамы менен төө буурчакты бир идишке, жасмыкты (чечевица) экинчи идишке салуу керек. Бул оюндун каарманы тыйын чычкан, чымчык же Күлала (Золушка) болушу мүмкүн. Зоопарк оюнун ойноп жатып, балага жаныбарларды жайгаштырууну сунуштаңыз: үй жаныбарларын - фермага, африка жаныбарларын – пальмалардын арасына, сууда сүзүүчүлөрдү- жасалма көлмөгө, токой жаныбарларын – балатынын астына.



6 ай+

### Адистин сөзү

*Сенсордуу куту баланын кызыгуусун, элестетүүсүн, бир нерсеге көңүлүн кое билүүсүн арттырат. Иш убагында баланын сезүү органдары - көрүүсү, угуусу, баамдоосу активдешет.*

## Боо оюнчуктары

Каалаган бир желим бөтөлкөнү жууңуз, аны дабыш чыгарыш үчүн дан (буурчак, маш буурчак, күрүч), топчу же тыйындар менен толтуруңуз. Бөтөлкөнүн капкагы бекем жабылышы керек. Бөтөлкөнүн капталына анча чоң эмес көзөнөкчө жасаңыз. Көзөнөкчөнү жасоо үчүн бөтөлкөнү кайчынын учу менен сайып алып, аны чыгарбастан тегерете айландыра тешүү керек. Каршы тарабына да дал ошондой көзөнөкчө жасаңыз. Ал көзөнөктөрдөн жип өткөзүңүз. Жиптин эки учуна бирден кичинекей оюнчуктарды илиңиз (шуру же топчу). Жипти бир учунан тартканда экинчи учундагы оюнчук бөтөлкөнүн капталына жылып, баланын кызыгуусун жаратат. Конструкциянын бекем экенине ынаныңыз жана баланы бул оюнчук менен эч качан кароосуз калтырбаңыз!!! Жипке же боого шуру менен топчудан тышкары пирамиданын шакекчелерин тизсеңиз болот. Жиптин өтө узун эмес жана коопсуз экендигине көз салыңыз.

Боо (шуру) менен ойноо аркылуу балдар нерселердин мейкиндикте жайгашуусун (үстүндө, ичинде, артында, жанында) түшүнөт жана үйрөнөт. Мисалы, апасы баласына мындай деши мүмкүн: "боого тиз, байла", "тешикчеге сал", "кутудан ал" ж.б.у.с. Бала "жалгыз" жана "көп" деген сөздөрдүн маанисин түшүнө баштайт. Мисалы, баладан "бул жерде канча шуру бар?" деп сураганда, ал шуруларды санаганга аракет жасап, жообун берет. Бут кийимдин боосун байлоо менен бала өз алдынча бутун кийүүгө, өзүн-өзү тейлөөгө үйрөнө баштайт.

### Адистин сөзү

*Боо жана шурулар менен ойноо баланын аңсезимин өстүрөт. Ал шуруларды жана боонун башка элементтерин кармалап, алардын формасын жана чоң -кичинесин "көз болжол" менен аныктап, манжалары менен чымчып (же кычкач менен) кармоону үйрөнөт.*



1+

## Чаптап, ийлеп жасоого ылайыкталган камыр

Сизге төмөндөгүлөр керектелет: 1 чыны ун, 1 чыны суу, 1/4 чыны туз, 2 чай кашык тамак-аш лимон кычкылы (порошок түрүндө), 1 аш кашык өсүмдүк майы, тамак-аш боёгу.

Бардык ингредиенттерди казанга салып аралаштырыңыз, аны орто отко коюп, тынымсыз аралаштырып туруңуз. Жыйынтыгында камырдан шар пайда болот. Камыр даяр экенин билүү үчүн колуңуз менен басып көрүңүз – ал колго жабышпаш керек. Анан аны үстөлдүн бетине же пергамент кагазына чыгарып, бир аз колуңуз менен ийлеңиз. Муздаш үчүн бир канча мүнөт коё туруңуз. Даяр болду! Эми ойносо болот. Камырды муздаткычта каалагандай убакытка чейин сактаса болот. Камырды тамак-аш боёгу менен ар кандай түскө келтирип боёп алууга да болот.

Камырдан буюм жасоонун ыктары

Ийлөө — камырдын үзүмүн кол менен жана манжалар менен басуу.

Үзүп алуу — бармактын жана сөөмөйдүн жардамы менен камырдан кичинекей үзүмдөрдү бөлүп алуу. Бул үчүн башында камырдын четинен анча чоң эмес бөлүп алып, аны кичинекей бөлүктөргө бөлөбүз.

«Чапкылоо» —манжаларды түз кармап, камырды күч менен чапкылайбыз.

Жалпайтуу — камырды жалпак формага келтирүү үчүн аны басуу керек. Камырдын кичинекей бөлүгүн манжалардын жардамы менен жалпайтууга болот. Чоң үзүмдү түз жерге же тактайга коюп алып, алакан менен басабыз (дененин салмагы менен).

### Адистин сөзү

*Жабыштырып, чаптап оюнчук жасоо учурунда колдун манжаларынын учундагы майда кыймыл-аракет (моторика) өнүгөт, элестетүүсү, ой жүгүртүүсү өрчүп, кол эмгегине тарбияланып, нерсенин формасын, салмагын, ийилчээктигин колдору менен сезүүгө үйрөнөт.*



1.5+

## Балакай китепче

Балакай китепчени ар кандай материалдан өз колу менен жасоого болот. Эң жөнөкөй классикалык түрү - кадимки картон кагазга ачык түстөгү сүрөттөрдү тартып же чаптама (наклейка) менен жасалгаланып даярдалган китепче. Ошондой эле тикмечинин кутусундагы ар кыл кездемелер, жип-шуулар, топчу, сыдырма жана башка майда-чүйдө нерселер дагы китепче үчүн материал болуп бере алат.

*Кагаз китеп*

Балакай китепчени даярдоо үчүн: картон, түстүү кагаз, ар түрдүү кызыктуу, кооз жана ачык түстөгү журналдардын кесиндилери, момпосуйдун кагазы, печенье, момпосуйлардын сүрөттөрү бар кутулары ж. б. керектелет. Кеңсе буюмдарынан клей, карандаш, кайчы керек болот.

Алгач китептин негизин даярдап алабыз: кооз, түркүн түстүү сүрөттөрдү же наклейкаларды чаптоо үчүн китептин барактарын даярдоо абзел. Китеп узакка сакталсын десеңиз, анын катуу картондон жасалганы жакшы.

Барактарын ар ким каалагандай коолдосо болот, эң негизгиси, китептеги сүрөттөр жана түшүндүрмөлөр бала үчүн түшүнүктүү жана пайдалуу болушун жакшылап ойлонуу зарыл. Колго жасалган китеп чоң шакекчелер менен же картонго алдын ала тешикче жасалып, ага боо өткөрүлүп бириктирилет. Балага барактаганга жана көрүп чыгууга жеңил болот. Кагаз китеп даяр болду!

*Кездемеден китеп*

Кагаз китепти бат эле айрып сала турган эң кичинекей бөбөктөргө китепти жумшак материалдан – жип-шууларды колдонуп, кездемеден жасап берген оң болот. Мындай китептин бырын-чырынын чыгаруу кыйын болот, ал эми китепке тигилген ар кандай текстурадагы майда буюмдар баланын айлана-чөйрөнү бат таануусуна жардам берет. Колго жасала турган балакай китепченин негизи кездеме менен капталган картондон турат. Китептен шуудураган дабыш чыгып туруу үчүн кездеменин астына полиэтиленди салып койсоңуз болот.

Китептин беттерине топчу, лента, шуру, сыдырма, жипти пайдаланып сюжеттүү сүрөттү жаратсаңыз болот: асмандагы жылдыздарды, жаркыраган күндү жана гүлгө бөлөнгөн талааны, кооз таажылуу гүлдү, боз үйдү жана койлорду ж.б.у.с. Топчулар жаныбарлардын көзүнүн, сыдырма эшик -терезелердин жабууларынын, жип дарыянын, же күндүн желесинин ролун аткарышы мүмкүн. Эң негизгиси, ой чабытыңызга эркиндик бериңиз!




Төрөлгөндөн тартып+

### Адистин сөзү


*Балакай китепче балага саноону, түстөрдү ажырата билүүнү жана геометриялык фигураларды тез үйрөтөт, чөйрөнү оюн аркылуу таануу бала үчүн жеңил болот. Китепти эне-бала өз колдору менен биргелешип жасаганы жакшы болот. Китептин жасалыш процессине бала кызыгуу менен байкоо салып, кийинчирээк өзү да буга аралаша баштайт.*

## Лото

Лото сүрөттөр же сандар тартылган оюн талаасынан жана карточкалардан турат. Лото тематикалуу болушу мүмкүн: "жемиштер", "гүлдөр", "жаныбарлар дүйнөсү"ж.б.

Лотону даярдоо үчүн төмөнкүлөр керектелет: картондун же калың кагаздын чоң барагы, жашылча-жемиштердин, жаныбарлардын, чымчыктардын сүрөттөрү бар карточкалар, карандаш же фломастер, карточкалар үчүн чоң конверт, клей жана кайчы.

Оюн талаасын карандаш же фломастер менен бирдей чарчыларга бөлүштүрүп чийип чыгыңыз. Талаада 9дан-20га чейин чарчы болушу мүмкүн. Эсиңизде болсун, аларга кийин чаптай турган сүрөттүү карточкалар батышы керек. Андан соң так эле ошол талаага чапталган сүрөттөргө окшош сүрөттөрү бар карточкаларды жасаңыз. Андан кийин аларды өзүнчө конвертке салыңыз. Лото даяр болду!




4+

### Адистин сөзү

*Лото оюну баамчылдыкты талап кылып, окшоштукту жана айырмачылыкты табууга үйрөтөт, сүйлөөсүн өрчүтүүгө жардам берет.*

## Куурчак театры


Сизге: катуу таякча, кездеменин кесиндилери, кагаздардын кесиндилери, гезит же кебез, клей, кайчы, кичинекей кагаз баштыкчалар, жип, аркан, топчу, коздогонго шуру керек болот. Таякчага баштыкчаны кийгизип жана аны гезит же кебез менен толтуруңуз. Баштыкчаны жип менен куурчактын башы сыяктуу кылып бекитиңиз. Куурчактын бетин тартыңыз, башын коздоп, чач жабыштырыңыз (жиптен же жүгөрүнүн чачысынан). Куурчакты кийинтиңиз: кездеменин бөлүгүн таякчага жип менен ороп же байлап бекитиңиз. Куурчактын колун узатасынан кесилген эки кагаз картонду клей менен беттештирип чаптап жасаса болот. Жоон жип менен да кол жасоого болот. Бир аз чоңураак балдар белгилүү жомоктордогу каармандардын сүрөттөрүн калың кагазга тартып, аны кайра картонго чаптап алышат. Чапталган куурчактарды кесип алып, андан соң таякчага чапташат. Театр үчүн куурчактар мына ушинтип даяр болот.



1+

## Адистин сөзү

*Куурчак ойноо баланын сүйлөө речин өстүрөт. Ошондой эле социалдык жана эмоционалдык жактан өнүгүшү үчүн да чоң пайдасы бар. Бала өз колу менен куурчак жасаганда анын чыгармачылык жөндөмү, шыгы артат.*



# 4-бөлүм.
# Оюнчукту алмаштыргычтар



Балдар оюнда ар түркүн майда-чүйдө материалдарды турмуштук керектүү буюмдарга айландырып алышат. Мындай буюмдарды адистер оюнчук алмаштыргычтар деп коюшат. Мисалы, чоң жана кичине кутулар, төрт бурч буюмдар, таякчалар, кагаздын бөлүгү, ар түстөгү кездемелер, лента - ушунун баары оюн мезгилинде баланын оюнчук аюусунун кийимине, жүк ташуучу машина үчүн гаражга жана башка керектүү буюмдарга айланат. Баланын мындай кыял чабыты анын чыгармачылык жөндөмүн, интеллектисин, тилин жана фантазиясын өрчүтүү үчүн өтө зарыл. Бала оюнчук алмаштыргычтар менен канчалык көп ойносо, ошончолук жакшы.

# Ашканадагы оюндар жана оюнчуктар

**3+**

Азыктарды сактоого ылайыкталган **желим контейнерлер.** Контейнерлерди бири- бирине кийиштирүүгө боло тургандыгын балага көрсөтүңүз. Бала сизди туурайт же өзүнүкүн ойлоп табат. Ошентип ар түркүн түстөгү желим оюнчук калыптарды сатып албай эле койсоңуз болот. Желим контейнерге чоң шуруларды, чоң топчуларды, чоң жыгач жумурткаларды, кичинекей матрешкаларды ж.б.у.с. салып, капкагын жаап, контейнерди колго алып калдыратып ойносо болот.



**3+**

**Капкагы бар желим бөтөлкөлөр.**
Ар түрдүү диаметрдеги капкагы бар бөтөлкөлөрдү колдонуңуз. Балага капкак кантип буралаарын көрсөтүңүз, өз алдынча жаап жана ачуусун сунуштаңыз.

**1+**

Анча чоң эмес желим бөтөлкөдөн (0,33л) шылдырак жасаңыз: бөтөлкөгө буурчак, гречка, тыйын же төө буурчактан аз бөксө салып, капкагын бекем бекитип салыңыз. Бөтөлкөгө кездеме, чоң желим шурулардан чаптап коозоңуз дагы, көңүлдүү музыка ойноп жатканда колго жасалган бул "музыкалык аспапты" кантип колдонууну балаңызга үйрөтүп коюңуз. Бул бөтөлкөнү жерге ары-бери тоголотуп ойносо да болот.



# Ваннадагы оюндар жана оюнчуктар

1+

**Желим бөтөлкөлөр жана стакандар.**
Кадимки желим бөтөлкөнүн капкагына бир нече тешик жасасаңыз ал лейкага айланып калат. Балага "лейкадан" суу кантип куюларын көрсөтүңүз.
Балага эки башка көлөмдөгү желим стакандарды бериңиз, ал сууну биринен бирине куюштуруп ойнойт.



1+

**Элек (чыпка).**
Ваннадан (таштектен) сууну бөтөлкөгө толтуруп алып, аны электен өткөрө куюп ойносо болот. Куюп жатып: "Суу каякка жашынып калды?", "Эгер электин ордуна чөмүч же стакан коюп койсок суу каякка чубурат?" деп балага суроо салсаңыз да болот. Сууну ар түрдүү көлөмдөгү идиштерге (стакан, мойну кууш бөтөлкө, эндүү желим банка, чөмүч) куюштуруп жатып, бала сууну куюштуруудан чыккан ар кандай үндөрдү угат. Стаканга ким биринчи сууну толтурат, аны кайра ким шар төгөт деп балаңыз менен жарышып ойносоңуз болот.



1+

**Дене жуугуч (мочалка).** Балага кургак жуугучту суулоону сунуштаңыз, ашыкча суусун өз алдынча сыгып, сууну бир идиштен экинчи идишке жуугучтун жардамы менен ташысын. Жуугучтун тоголок, сүйрү же кол кап түрүндөгүсү эң ыңгайлуу. Эгер каалооңуз жана мүмкүнчүлүгүңүз болсо, оюн үчүн өзүнчө атайын оюнчук жуугучту жасасаңыз болот.



1+

**Балык-жуугучту кантип жасоого болот.**

1. Натуралдуу губканын кичине бөлүгүн алыңыз (же натуралдуу жуугучтун).
2. Анын бир жак бетине тармал махр (махровый) кездемесин тигиңиз.
3. Ар кандай түстөгү жүн кездемеден куйругун жана калакчаларын тигиңиз.
4. Балыкты ваннанын ичинде ары-бери сүздүрүү үчүн башына жип байлап коюңуз.

Ваннада ойноого резина жана лакталган жыгач оюнчуктар жарайт. Ал эми "кеме" менен, же "өрдөк" менен бала бир- бир жарым жаштан кийин гана ойной алат.



## Бөлмөдөгү оюндар жана оюнчуктар

2+

**Себеттер жана чоң кутулар.** Буларга оюнчуктарды салуу жана кайра алып чыгуу ыңгайлуу. Бирок, бардык оюнчуктар үчүн бир чоң "идиш" койбоңуз жана балага бардыгын жерге төгүүгө уруксат бербеңиз. Башынан эле ар бир оюнчукту өз-өз ордуна иреттеп коюуга көндүрүү оң: бир себетке (кутуга) жыгач оюнчуктарды, экинчисине – коңгуроолорду жана шылдырак оюнчуктарды, үчүнчүсүнө – кездемеден жасалган куурчактарды (чий куурчактарды) жумшак оюнчуктарды салыңыз. Кийинчерээк бул кутулар жумшак оюнчуктарды, солдаттарды, куурчак эмеректерин "сактоочу жайга" айланат. Колдон келсе оюнчуктарды орду-ордуна балаңыз менен чогуу ирээттеңиз.
8-9 айлык балага түбү ачык "туннель" коробка аркылуу жөргөлөгөн кызык болот.



*Бала 3-4 жашка чыккычакты оюнчуктарды аны менен чогуу жыйноо керек, жалгыз жыйноого ал али даяр эмес.
Тазалык жана гигиена жөнүндө айта турган болсок, картон коробкалардын ичи-сыртын туш кагаздары же жөн эле кагаз менен чаптап коюуга болот.*

**3+**

**Полиэтилен жана кагаздан жасалган чоң баштыктар.** Буларга оюнчук салууга болот. Белек салып берүүгө ыңгайлуу кагаз жана полиэтилен баштыктарына анча чоң эмес оюнчуктарды салып алып, бир орундан экинчи орунга ташып жүрүү ыңгайлуу. Анын үстүнө алар шылдырап абдан жакшы үн чыгарып турушат.



*Этият болуңуздар: кандай гана көлөмдөгү болбосун, полиэтилен баштыгы менен ойноп жаткан баланын жанында сөзсүз түрдө чоң адам болуусу кажет (болбосо бала баштыкты башына кийип тумчугуп же оозуна тыгып какап калышы мүмкүн – бул анын өмүрү үчүн өтө коркунучтуу!).*

**1.5+**

**Жоолуктар жана кездеменин чоң бөлүгү.** Аларды башка салынып, же ийинге жаап, же оронуп алууга болот. Кездеменин бөлүгү менен жашынмак ойногон жакшы.
Жоолуктун ар кайсы бурчтарын түйүп, чымчык, ит же мышык жасап койсоңуз болот, балаңыз буга абдан кубанат.



**2+**

**Оодарылган отургуч, дивандын жумшак жаздыгы, үстөлдүн асты, жарымы үстөлдөн шыпырылып калган дасторкон – ушулардын бардыгы балдардын жашынмак ойноо үчүн сүйгөн жерлери.**
Баланын жабык жерлерге жашынышына, далдоо жерлерге кирүүсүнө, үй жасап ойноосуна каршылык кылбаңыз! Ушул сыяктуу оюндар баланын фантазиясын жана чыгармачылык жөндөмдүүлүгүн өрчүтүүгө жардам берет.



2+

**Отургуч.** Жөнөкөй отургучту машинеге, поездге, трамвайга, падыша же ханышанын тактысына, үйдүн экинчи кабатына жана башка нерселерге айландырууга болот. Эң башкысы, баланын кыялдануусуна мүмкүндүк бериңиз!



2+

**Кичинекей кутулар.**
Аларды майда оюнчуктарды сактоочу жай катары гана колдонбостон, ошондой эле ролдуу оюндардын элементи катары кутуча менен шкаф, табак, доктурдун чемоданы катары ойносо болот.



1.5+

Ар кандай **"тизмелер"** – пирамидка жана матрешка сыяктуу оюнчуктардын колго жасалган түрү болуп калат. Балага узун боого оюнчук фигураларды өткөзүп тизүү гана кызыктуу болбостон, сүрөттөрдүн алкактарын, шакектерди, шакекче сымал токочторду, бубликтерди дагы өткөзүп тизүү зор кызыгуу жаратат.




**1+**

**Боолор менен ойноо.** Чоң коробкага көзөнөкчүлөрдү жасап, андан боону өткөрүңүз. Көзөнөкчөлөр үйдүн эшигинин же чатырынын ролун аткарат. "Эшикти" андан өткөрүлгөн боону байлоо менен жаап койсо болот. Коробканын ордуна баланын эски бут кийимин дагы колдонсо болот. Бир жаштагы балдардын эң жакшы көргөн оюндарынын бири - "паровоз" оюну, ага көптөгөн ар түрдүү "вагондорду" бири-бирине чиркештирип алып жүргүзүүгө болот! Жыгач паровоз жок деп кейибеңиз, транспорттун бул түрүн кичинекей жана чоң коробкалардан, жөнөкөй таякчалардан, бири-бирине боолор же жоолуктар менен улаштырылган ар кандай оюнчуктардан оңой эле жасоого болот.



**1.5+**

**Иштетилбеген (боёлбогон, лакталбаган, жылмаланбаган) жыгачтар** жөнөкөй жыгачтын ар кандай майда бөлүктөрү. Алардан бир нерсе куруу кызыктуу гана болбостон, татаал дагы: бирдей көлөмдөгү кубиктерди тизгенге салыштырмалуу формасы ар түркүн болгон жыгачтарды биринин үстүнө бирин коюп чыгуу үчүн тең салмактуулук системасын ойлонуштуруп чыгуу керек.



**2+**

**Телефон.** Баскычтары бар, үнү чыккан супер оюнчукка караганда телефон аппаратына окшогон эң жөнөкөй коробка, "телефондон сүйлөшүү" оюнуна көбүрөөк туура келет.



1.5+

**“Ачкычтардын топтому”**
Эч нерсеге алмаштыргыс оюнчук. Ачкычтардын топтому ар кандай ыргактарды ойноого, өлчөм, форма, салмак боюнча түшүнүк алып, алардын айырмачылыктарын билүүгө жардам берет. Ар түркүн ачкычтарды бала ырахаттануу менен өз алдынча боого өткөзүп ойнойт. Саноганды үйрөнүүгө да жардам берет.



## Сейилдөөгө керектүү оюнчуктар


1+

**Коляска.** Балага жакшы көргөн оюнчуктарын коляскасына салып алып, өзү каалагандай сүйрөшүнө мүмкүндүк бериңиз.



1+

**Отургуч.** Бул эс алууга ыңгайлуу гана жер болбостон, бала үчүн ылайыктуу оюн аянтчасы да болуп саналат. Ошондой эле үйдүн ичиндеги тепкичке отуруп алып ойногонду да кичине балдар жакшы көрүшөт.



**Жаратылыш.** Сейилдеп жүргөндө баланын көзүнө урунган бардык нерселер -таштар, өсүмдүктөр, бактын бутактары, жалбырактар, үлүл, кумурска, коңуз ж.б. у.с. жаратылыш обьектилери баланын болуп көрбөгөндөй кызыгуусун туудурат. Эгер балаңыз кумурсканын баратканын же жалбырактын сууда агып баратканын тиктеп туруп калса, ага такыр тоскоол болбоңуз. Жалбыракты таякча менен жээкке жакындатуусуна уруксат бериңиз. Бала карт дарак менен жаш чырпыктын кабыктарын кармалап көрүп, айырмасын сезсин.

1+



*Баланын жаратылыш дүйнөсүн таанып-билүүгө жана ага камкор мамиле жасоого болгон аракетин кубаттаңыз!*
*Жаратылышты булгабоого, анын кооздугун ар дайым сактоого үйрөтүңүз!*

## Сунушталган адабияттардын тизмеси


1. Лаврова Г.Н. Психолого-педагогическая диагностика детей от 0 до 3 лет: Учебное пособие. – Челябинск: Издательство ЮУрГУ, 2004. – 129 с. / доступно: http://window.edu.ru/resource/006/73006/files/psyrazv06.pdf
2. Ибука М. После трех уже поздно / Масару Ибука ; [пер. с англ. — Н. Перовой]. — М.: Альпина нонфикшн, 2011. — 224 с. / Доступно: http://www.mcbs.ru/files/posle3.pdf
3. World Health Organization. Training Course on Child Growth Assessment. Version 1 - November 2006. Geneva, WHO, 2006 / Доступно: http://www.who.int/childgrowth/training/module_h_directors_guide.pdf
4. Пропедевтика детских болезней / под ред. А.А.Баранова. – М.Медицина, 1998. – 396 с. Л. А.
5. Кэсси Лэндерс. Воспитываем умело: Способствуем развитию ребенка в его первые три года жизни. 2005, Международная ассоциация “Step by Step”
6. Венгер, А. Л. Венгер. Домашняя школа мышления. – М.: Дрофа, 2010. – 398 с., ил
7. Карин Нойшюц. Куклы — своими руками / Пер. с швед. — М.: evidentis, 2001. — 192 с., илл.
8. Лидия Свеженцева. Развиваем малыша самостоятельно–книжка-малышка своими руками/ Доступно: http://www.syl.ru/article/71486/razvivaem-malyisha-samostoyatelno---knijka-malyishka-svoimi-rukami
9. Александра Лукашина. Делаем своими руками: развивающий коврик / Доступно: http://materinstvo.ru/?module-articles&id-8136
10. Екатерина Хломова. Игрушки своими руками: шнуровки. / Доступно: http://mama.ru/articles/igrushki-svoimi-rukami
11. Поделки из пластилина и игры с пластилином./ Доступно: http://adalin.mospsy.ru/l_03_00/l0224.shtml
12. Анна Балашенко «Игрушки от года до 3 лет», ж/л «Мама и малыш» №03, 2011. / Доступно: http://www.2mm.ru/razvitie/1026/igrushki-ot-goda-do-3-let

**Ар бир балага -**
**Саламаттык, билим, теңдик, камкордук**
**АДАМЗАТТЫН ӨСҮШ ЖОЛУ УШУЛ**

БУУнун Балдар Фонду (ЮНИСЕФ)
Кыргыз Республикасындагы Бириккен Улуттар Уюмунун үйү
Чүй пр., 160, 720040
Бишкек, Кыргыз Республикасы

Телефон: 996 312 611 211 +кошумча
996 312 611 224 ...7
Факс: 996 312 611 191

БУУнун Балдар Фонду (ЮНИСЕФ)
Ош офиси
Ленин көчөсү 74, 710000
Ош, Кыргыз Республикасы
Телефон: 996 3222 26641
Факс: 996 3222 26641

bishkek@unicef.org
wwww.unicef.org/kyrgyzstan
www.unicef.org/kyrgyzstan/ru

© The United Nations Children’s Fund (UNICEF), апрель, 2014г.